# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №8 (282) | **31.08.2022.** | e-mail: kyrgyztili@mail.ru





Хан Теңри чокусу

Профессор Кадыралы КОҢКОБАЕВ:

## “КЫРГЫЗДЫН ЖАН-ДҮЙНӨСҮН КАЙРА АҢТАРУУ КЕРЕК”



4-БЕТ

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча Улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек ОСМОНАЛИЕВДИН кайрылуусу



2-БЕТ

Бектур ИСАКОВ,
Кыргыз Эл мугалими:

## “ТИЛДИ АР БИР ИНСАН ӨНҮКТҮРӨ АЛАТ”



15-БЕТ

# Эгемендик жана Эне тил

**Атыңдан, кутуңдан,
касиетиңден кагылайын,
Эгемендик! Анан да Эне тил!**



Экөөң барда, жана да асыл мекен Ала-Тоо барда биз- байыркыдан, кыйырдын, кыйындан же “кыл чайнаштан” келген, ак калпак кыргыз улуту, мамлекети бар.

Эгемендигибиз 31 жылга толду... Эсеби маселен, Айкөл Манас айкырып кураган, Барсбек каган баркын көтөргөн, Алп Сол бабабыздын жеңишинен түптөлүп, адамзат тарыхында айкын жазылып калган, “Улуу Кыргыз Каганатынын алтын доорунда” ооматы жанган Эгемендик-Эркиндик-Мамлекеттүүлүк, ортодогу дээрлик 1000 жылдар бою үзүл-кезил болуп, бирде өчүп-жанып, бүлбүл күйгөн очок отундай, чырак бил игиндей уланып келген, анан эле асмандан кут түшкөнсүп, акыры өзү келген кагылайын Эгемендик – 31 жашка чыкты, эй!

“Атадан алтоо болсоң да, ар жалгыздык башта бар...” дейт, элибиз. Маселен, мен кембагал да береги улуу күнгө – майрамга мактанайын деймин, сыймыктанайын деймин, сайрандайын деймин... Кантип? Кайсыныма? Мойнумда очойгон карыз, урпактарым эне тилин сүйлөбөй барат, таң эрте кызматка “Таракан” маршруткадын жасалма олтургучуна кысылып эптеп келдим, көчөнүн жакабели акыр-чикир...

Сенчи замандаш, мекендеш, боордош? Демек абалыбыз бирдей, элибиз, мекенибиз, мамлекетибиз бир...

Ошентсе да, ата-бабабыздан калган ыйык салт боюнча, эки колубузду эгизге көтөрүп, Улуу Жаратkандан тилек тилейли: Эгемендигибиз эр куракка жетти, эми күч-кубатка, акылга толсун. Асманыбыз ачык, суубуз тунук, жерибиз тынч болсун. Ата наркыбыз, Эне тилибиз урпакка улансын. Бар бололу, бир бололу!

***

Урматтуу окурман, ушинтип куттук айтып турабыз. А божурагандан, кобурагандан, убададан эл тажады. Кайриет, азыркы Президентибиз Садыр Жапаров кызматка киришкенден бери улут рухун жандандыруу багытында эки жарлык чыгарды. Ошондой эле жыйын, жолугушуу жана маалымат каражаттары аркылуу тил, маданият, нарктуулук боюнча дамаамат айтып келет. Бирок, кашайып эле бери жагы: мамлекеттик кызматкерлерден тарта жарандарга чейин баягы эле мамиле, көрүнүш кедерине кетүү... Антпейли агаин, мекендеш! Эгемендик болсо, эне тил болсо элбиз, журтпуз,кишибиз... Муну нан ооз тийгенде, суу жутканда, басканда, турганда ойлонолу, эстейли, колдойлу, намыска келели!

Ооба, ата салты, наркы баарынан өөдө туруу керек, ошол керек деп, береги терме ырды баш сөзүбүзгө улай жарыялап отурабыз. Анткени, атпай кыргыз аш-тою, топ-жыйыны ыр менен башталган, ыр жандуу элге турмуш мааниси, мазмуну, маселеси ыр аркылуу тез жеткен, чыйралткан, кубанткан эмеспи...

**Дүйшөн КЕРИМОВ**



Асылбек МАРАТОВ, төкмө акын:

## “Урпактар болсун унуткус”

*Ак калпак кыргыз аманбы,
Ардактап тилин сыйлаган?
Кылымдардан бери карай,
Кыраан Манас баянын,
Кыргыз тилде тыңдаган.
Ак калпак кыргыз деген эл,
Ак батасы белен эл.
Арстанбек, Токтогул,
Акынды сүйгөн терең эл.
Орошон “Манас” угушкан,
Ой чабыты кенен эл.
Карагайды сүйлөтүп,
Камбаркан черткен чебер эл.
Улуу элдин баянын,
Урпактар болсун унуткус.
Кыйла кылым карыткан,
Кыргыз деген улутпуз,
Аруу эл болуп аталган,
Ак мөңгүдөй тунукпуз.
Тилди унутсак чулукпус,
Тилибиз менен улукпуз.
Саймалуу- Таштын кадимки,
Боорунда жүргөн кыргыз тил.
Афанасий, колонун,
Доорунда жүргөн кыргыз тил.
Берениң Манас барында,
Бээжинде жүргөн кыргыз тил.
Энесай менен Алтайдын,
Жээгинде жүргөн кыргыз тил.
Жоокерчилик заманда,
Жон-жондо жүргөн кыргыз тил.
Азыркы кезди карасак,
Америка, Россия,
Лондондо жүргөн кыргыз тил.
Болушунча өссөм деп,
Борбордо жүргөн кыргыз тил.
Кан Бакай, Кошой сүйлөсө,
Дары болгон жаштарга.
Даанышман кыргыз тил болгон.
Айтор, карап отурсак,
Улуттун көркү тил болот ,
Руху менен бир болот.
Тирүүлөй өлүк эмеспи,
Тилсиз улут ким болот.
Ордосунда өзүнүн,
Орус тилден кийинки,
Орунда турат биринчи.
Өлкөсүндө өзүнүн,
Өгөйлөнүп жүргөн тил.
Жети кабат ак үйдө,
Жетимдин тонун кийген тил.
Жогорку кеңеш тамында,
Жогору болбой жүргөн тил.
Мекенге өгөй экенин,
Мэриядан билген тил.
Өкмөткө киргенде,
Өзөгү сыздап күйгөн тил.
Депутаттын оозунан,
Деми сууп сынган тил.
Азыр, итибай “киргиз” көбөйүп,
Инсульт болуп турган тил...
Тилибизди оңдойлу,
Тирүүлөй өлүк болбойлу.
Кызматка барам дегендер,
Кыргыз тилде ант берсин.
Кыргызча сүйлөй албаса,
Кызматынан мант берсин.
Эл өкүлдөр баш болуп,
Экзамен бергенге,
Эне тилин камдасын.
Кыргыз тилин билбеген,
Кызматтарга барбасын!
Кыргыздын эмки жаштары,
Кырк тилди билсе сүйүнөм,
Бирок, кыргыз тилин чанбасын...
Элүү тил билсе сүйүнөм,
Бирок, эне тилин чанбасын...
Айтор, майрамыбыз кут болсун,
Башыбызга кут консун!
Атка минээр, чоңдорго,
Акындардын тилдерин,
Кеспегиле дейт элем.
Андай жолго таптакыр,
Жетпегиле дейт элем.
Токтогулдун тарыхын,
Эстегиле дейт элем.
“Элита” болуп жүргөндөр,
Элге кылса жакшылык,
Эмнеге санаа жейт элем?..*

# БИР АЙЛЫК– АЛБАН ИШТЕРДИН БАШАТЫ!

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча Улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек Осмоналиевдин кайрылуусу.**



### Ардактуу мекендештер!

Тил – Эгемендүүлүктүн символу! Тил – элдүүлүктүн башаты, идентүүлүктүн өзөгү. Эгемендүүлүк башаты эне тил үчүн күрөштөн башталган. Анын жыйынтыгы менен 1989-жылы кыргыз тилине мамлекеттик тил статусун алууга жетишкенбиз. Андан бери далай суу акты, жашоонун өйдө-төмөнүн баштан кечирүү менен өлкөбүз өз алдынча келечекке кадам таштап келатат.

Албетте, бир топ иштер аткарылды, а бирок аткарыла элеги андан көп. Кыргыз жараны катары, ошондой эле Улуттук комиссиянын төрагасы катары кыргыз тилинин бүгүнкү күндөгү абалы, келечеги мени ойлондурбай, тынчсыздандырбай койбойт. Ага бир топ негиздер бар экенин менден жакшы билесиздер.

Мен, Сиздерди, Эгемендүүлүк майрамын утурлай, ага удаа эле кирип келген мамлекеттик тил күнүнө карата өткөрүлүп жаткан бир айлыкка кызуу катышып берүүгө чакырам.

Келгиле, ар бирибиз – ким болбойлу, кайсы улуттун же кайсы кесиптин ээси болбойлу, кайда жүрбөйлү ар кимибиз өз тармагыбызда мамлекеттик тил – кыргыз тилинин өнүгүшүнө колубуздан келген салымыбызды кошолу. Көп түкүрсө көл болот. Ар бирибиз өз алдынча ойлонолу, изденели. Ата-бабалардан аманат калтырылган улуу мурасыбызды сактап, келечек муунга татыктуу калтыралы!

Бир айлык – бул бир ай ичинде аткарылып, ошону менен токтоп калчу иш-чара эмес, ал мындан аркы аткарылуучу иштердин багыты, башаты деп түшүнүүңүздөр. Мамлекетибиздин жетекчилиги бүгүнкү күндө тил маселесин – күндүн эң актуалдуу маселелеринин катарына коюп, колдоого алууда. Жакында бул багытта Президенттин Жарлыгы, Конституциялык Мыйзамдар кабыл алынары күтүлүүдө.

Бирок, жалгыз дарак токой болбойт. Сиздер, жалпы калайык колдоого алмайын тилибиз өнүкпөйт. Мамлекет мага эмне кылып койду дебестен, мен мамлекетке эмне жасадым деген суроону ар бирибиз өзүбүзгө берели. Тилдин өнүгүшүнө, сакталышына, өнүгүүсүнө кошкон салымыңыз, бул өлкөбүздүн өнүгүшүнө кошкон салымыңыз!

Биз, Сиздердин сунуш-пикирлериңиздерди күтөбүз жана өлкөбүздүн жараны катары өз салымыңыздарды кошот деген терең ишеничтебиз!

№8 (282)
31
08
2022
kyrgyztili@mail.ru



*Жылдыз ОРОЗОБЕКОВА,
"Манас" изилдөөчү, профессор.*

# МАНАС, МАНАС ЖАНА МАНАС!



*Түбөйдөн бери карай түрмөктөлөт,
Манастан терең дагы тегиң барбы?
Эсиңе салып турган карт тарыхты,
Манастан башка дагы кениң барбы?
Манастай эмгек кылган эл- журтуна,
Башка дагы тең келер бегиң барбы?
Кыргызым, кыргызым ай, кыргызым...
Манасты айтпай тегиңди биле албассың,
Манасты айтпай жериңде баса албассың,
Манасты оозанбай туруп кыргыз,
Кылымдаган тарыхыңды жаза албассың.
Манастан башка дагы кебиң барбы?
Манастан күчтүү дагы демиң барбы?
Манастан ыйык дагы ырың барбы?
Манастан кенен дагы жолуң барбы?*

*Манасты оозанбай туруп кыргыз,
Намыстын туусун бийик тута албассың.
Намысты оозанбай туруп кыргыз,
Өзүңдү-өзүң таанып биле албассың.
Манасты оозанбай туруп кыргыз,
Жашоодо алдыга озуп кете албассың.
Салтыңды, санааңды да, эрежеңди,
Дилиңди, тилегиңди, ак батаңды,
Шардана айтып бере албассың.
Манасты оозанбай туруп кыргыз,
Урпагыңа насаат айта албассың.
Кыр көрсөтүп кээ бирлер опурулса,
Чындап бир жөөлөшүүгө келген кезде,
Манастан бекем тирек таба албассың!
Кыргызым эй, кыргызым...*



*Талаштан тактык...*

# ТАКТООНУ ТАЛАП КЫЛГАН ТЕРМИНДЕР

**Терминология системасын жөнгө салуу учурда көйгөйлүү маселелерден экендиги баарыбызга белгилүү. Терминдер такталбаса, илим-билимдин кайсы гана тармагын албайлы чаржайыттык, башаламандык келип чыгат.**



Бүгүнкү күндө термин түзүүчүлөр мүмкүнчүлүктөрүнө жараша терминологиялык сөздүктөрдү чыгарууда. Жарык көргөн терминологиялык сөздүктөрдүн ийгиликтери менен бирге кемчиликтери да жок эмес.

Терминологиялык сөздүктөрдү түзүүдө түзүүчүлөр котормо (орусча-кыргызча, кыргызча-орусча) сөздүктөргө таянышат. Андагы мазмундук айрым бир так эместиктер, сөздөрдүн синонимдеринин, берген маанилеринин толук катталышы термин жасоодо өз таасирин тийгизээри шексиз. Терминологиялык сөздүктөрдү түзүүдө ар бир терминдин эквивалентинин алынган маанисине шайкештиги негизги мааниге ээ. Терминге белгилүү бир илимдин тармагына тиешелүү болгон бир маанини, бир түшүнүктү гана билдирүү талабы коюлат.

Мына ушул котормо сөздүктөрдөгү айрым мүчүлүштүктөрдүн термин жасоодо тийгизген таасири тууралуу пикирибизди окурмандарга тартуулайбыз.

**ЗОБОЛО** К. К. Юдахин "Кыргызча-орусча сөздүгүндө" (2015): зобол, зоболо авторитет, почёт; значимость (323-б.).

Бул сөздөр "Орусча-кыргызча сөздүктө" (2019) төмөндөгүдөй которулган:

авторитет м. авторитет 1. авторитет, бедел, кадыр 2. (авторитетное лицо) авторитеттүү адам, beделдүү адам, кадырлуу адам (15-б.).

почёт м. ардак, ардактоо, ызат, сый (709-б.).

значимость ж. маанилүүлүк, барктуулук (271-б.).

"Орусча-кыргызча сөздүктөгү" алды сызылган сөздөргө көңүлүбүздү бурсак, зоболо деген сөздүн жолукпагандыгын байкоо кыйын эмес. Демек "Кыргызча-орусча сөздүктөгү" зоболо сөзүнүн котормосу авторитет, почёт, значимость бул сөздүн маанисин толук, так ачып бере албайт. Зоболо – репутация деген терминге туура келет деген сунушубузду билдиребиз.

Ал эми "Юридикалык атоолордун жана башка түшүнүктөрдүн орусча-кыргызча сөздүгүндө" (2014) төмөндөгүдөй катталат:

репутация – бедел, зоболо, аброй (378-б.). Алды сызылган синоним сөздөрдүн ар биринин өзүнчө термин катары кызматы жана эквиваленти бар деп ойлойбуз жана бул сөздөрдү да өзөзүнчө талдоого алабыз.

**БЕДЕЛ** К.К.Юдахин "Кыргызча-орусча сөздүгүндө" (2015): бедел 1. почёт, уважение; авторитет; достоинство; 2. внешний вид, осанка (134-б.).

Эми почёт, уважение, авторитет, достоинство "Орусча-кыргызча сөздүктө" (2019) кандай катталганына көңүлүбүздү буралы:

почёт м. ардак, ардактоо, ызат, сый (709-б.).

уважение ср. кадыр, кадырлоо, кадырдагандык, ардак, ардактоо, ардактагандык, сый-урмат, урматтоо (1007-б.).

авторитет м. авторитет 1. авторитет, бедел, кадыр 2. (авторитетное лицо) авторитеттүү адам, беделдүү адам, кадырлуу адам (15-б.).

достоинство ср. 1. (моральные качества) нарк, кадыр, абийир; 2. (положительное качество) бир нерсенин жакшы жагы, татык, татырдык; 3. (стоимость) баа, нарк, татырдык, турардык (197-б.).

Почёт, уважение, авторитет, достоинство сөздөрүнүн котормолорунун ичинен авторитеттин котормосунда гана бедел сөзү катталган. Демек бул сөздөр да бедел сөзүнүн маанисин толук ачып бере албайт деп ойлойбуз. Бедел – имидж терминине туура келет деп эсептейбиз.

Бул оюбузду тактоо иретинде "Юридикалык атоолордун жана башка түшүнүктөрдүн орусча-кыргызча сөздүгүнө" (2014) көңүл буралы:

авторитет кадыр-барк (19-б.).

достоинство аброй (131-б.).

Почёт жана уважение деген сөздөр өзүнчө катталбаса да, почётные граждане – ардактуу жарандар (327-б.); уважение государственного суверенитета – мамлекеттик эгемендүүлүктү урматтоо (448-б.) деген сыктуу сөз айкаштары катталган. Мына ушул почёт, уважение, авторитет, достоинство сөздөрүнүн котормолорунда бедел сөзүнүн жок экендигине жана имидж – бедел (2014, 155-б.) болуп которулганына күбө болобуз.

**АБРОЙ** К.К.Юдахин "Кыргызча-орусча сөздүгүндө" (2015): аброй то же, что абийир 1. (17-б.) деп катталган, ошондуктан көңүлүбүздү абийир 1. буралы.

**АБИЙИР** ир. 1. совесть, честь; доброе имя; репутация 2. скромность; стыдливость; 3. перен. половые органы (человека) (17-б.).

Бул сөздөр "Орусча-кыргызча сөздүктө" (2019) төмөндөгүдөй которулган:

совесть ж. уят, ынсап (916-б.).

честь ж. 1. абийир, ар-намыс (1083-б.).

репутация ж. репутация (аброй, бедел, абийир) (841-б.).

Мына ушул котормолордун ичинен аброй репутациянын маанисин чечмелөөдө гана кашаанын ичинде катталгандыгына күбө болдук жана бул сөз термин катары абройдун маанисин так ачып бере албайт.

Аброй – достоинство терминин эквиваленти боло алат.

Жогоруда ЗОБОЛО деген бир терминдин маанисин ачып берүүдө котормо сөздүктөрдөгү канчалаган баш аламандыктарга күбө болдук. Терминдерди которууда маанилеш сөздөрдүн баарын жаза бербестен, маанилик жактан дал келүүчү сөз менен так которуп берсе туура болот деген ойдобуз. Биздин оюбузча зоболо – репутация, бедел – имидж, аброй – достоинство, кадыр-барк – авторитетке туура келет.

К.К.Юдахиндин "Кыргызча-орусча сөздүгүнүн" жана анын редакциясы астында чыккан "Орусча-кыргызча сөздүктүн" жарык көргөнүнө чейрек кылымдан ашуун мезгил өттү. Илим-билимдин, технологиянын өнүгүшү тилдеги жаңы түшүнүктөрдүн киришин шарттады. Учурунда кеңири колдонулган сөздөрдүн бүгүнкү күндө эскириген же тарыхый сөздөрдүн катарына өтүшү, сөздөрдүн берген маанисиндеги жылыштардын болгондугун жана жаңы маанилер менен толукталгандыгын эске алсак, терминология системасындагы терминдерди гана эмес, котормо сөздүктөрдөгү сөздөрдү тактоо, толуктоо учурдун талабы.

Жогоруда сөз болуп, бирок такталбаган терминдер жөнүндө газетанын кийинки сандарында сөз кылмакчыбыз.

**Тунук КУРМАНАЛИЕВА,
Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы "Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун" жетектөөчү адиси.**



№8 (282)
31
08
2022
kyrgyztili@mail.ru



Профессор Кадыралы КОҢКОБАЕВ:

# “Кыргыздын жан-дүйнөсүн кайра аңтаруу керек"

***– Агай, биздин редакцияга кайрылып, “Кыргыз тили” газетасынын абал, жагдайын сураганыңызга, рахмат! Башкы редактордон тарта жамаатыбыз жаңыланып, жаңы багытта иштөөгө “баш катырып” турган учурда тил илиминин аалымы өзү келгени бизге олжо болду.***

- Сиздерге да ыракмат! Көңүл алып, берген суроонуздарга! Менимче, бул жерде эң башкы маселе – кыргыз тил илиминин маселелери, мамлекеттик тил саясаты ушул газета аркылуу жүргүзүлүшү керек. Мамлекеттик тилдин колдонулушу үй-бүлөдөн баштап, тиги дүйнөгө кеткенге чейинки жашоодогу милдет болуусу зарыл. Кайра куруу мезгилинен баштап эле “мамлекеттик тил, улуттук тил, адабий тил” деп, келе жатабыз. Абдан көп аракеттер мамлекетте болду, бирок, конкреттүү көп маселелердин чечилишине карасак, талкуулап, ой жүгүртө келсек, толук кандуу натыйжасы көрүнбөй жаткансыйт?!. Кайда барба – кош тилдүүлүк. Иш кагаздын баары орусча. Мамлекеттик тилдин активдүү колдонулушу, иштеп кетиши бул аябай чоң маселе. Мындай абал кыргыздарда эле эмес, Азербайжанда, Өзбекстанда, Казакстанда, Түркмөнстанда да, деги эле түрк элдеринин баарында бар. Булардын ичинен өз адабий тили толук колдонулган өлкө – Түркия. Түркия Республикасында баардык жерде адабий тил колдонулат. Альтернатива жок. Бирок, аларда да өз проблемалары жок эмес. Ар кимдин өз түйшүгү, өз көйгөйлөрү бар.

Кандай болгон күндө да мамлекетибизде өз маселелерибизди өзүбүз чечишибиз керек. Кыргыз тил илиминин, мамлекеттик тилдин толук кандуу тил катары колдонулушу Кыргызстандын, кыргыз элинин, көп улуттуу кыргызстандыктардын маселеси. Мамлекеттин бул багыттагы саясатын жүргүзө турган, илим-излдөөнү аткара турган мекеме, окуу жайларыбыз бар. Бардык түзүлүштөрүбүз бар. Тек гана маселе ошолордо мамлекеттин, элдин кызыкчылыгына ылайыктап иштетүү зарылдыгы бар бизде.

Ал эми мамлекеттик тилдин колдонулушун толук кандуу жүзөгө ашырыш үчүн бизге өрнөк боло турган өлкөлөр бар: Мисалы, Чехия, Словения, Мажарстан (Венгрия). Мурдагы социализм системасынан чыккан элдер, бирок, буларда мамлекеттик тилдин колдонулушу жакшы. Алсак, Мажарстанда көчөлөрдөгү көрнөк-жарнактардын баары-жогу бир гана мажар тилинде. Башка тилде жок. Интерконтиненталдык дүйнөгө белгилүү гана фирма, компаниялардын аттары англисче аты менен жазылбаса, калгандарынын бардыгы жалаң гана өз тилдеринде. Биз өзүбүзчө эле кыйынбыз дебей, дүйнөдөгү мамлекеттик тилин, өзүнүн улуттук тилин иштете билген мамлекеттер жана элдерди өрнөк тутушубуз керек. Маселен, Мажарстанга 1989-жылы октябрь айында барганымда Коңур Иштван Мандоки, биздин рухубузду көтөргөн Коңур акебиз, Будапештке чакырып барды. Мажарстандын мыкты түркологдору менен тааныштык, сүйлөштүк. Кыпчактардын борбору Корсак деген провинция, ошонун бир шаары Кечкемет дегенге да алып барды.. Мажарлардын курамындагы кыпчактар өздөрүнүн жазма тилин дагы, оозеки тилин дагы кандайдыр бир беш жүз жылдын ичинде жоготкон. Баякы Алтай тил тобуна кирген, уңгуга мүчө жалганган аглютинативдүү тилди сүйлөгөн мажарлар бүт католиктер курчап турган англо-саксондордун ортосунда, немис тилинин колдонулуш чөйрөсүндө калышкан. Мажарлар да өз тилин колдонбой, жергиликтүү тилде сүйлөй башташкан... Азыркы кыргыздардын орусча аралаштырып сүйлөшүп, жазып жатканындай акыбалга келишкен.

Анан мажарлардын акылман, интелектуалдары, лидерлери чогулуп, “Кантип биз элибизди сактап калабыз? Кантип мажарча тилибизди сактап калабыз?” деген маселени чечүүнүн жолдорун издешкен. Алардын тапкан жолу төмөнкүлөр болгонун маркум Коңур аке мага далай жолу айткан эле. Биринчиден, үй-бүлөгө көңул бөлөбүз дешкен. Экинчиси, мамлекеттин саясаты катары башталгыч мектептердин бардыгында мажар тилин, мажар адабиятын, мажар музыкасын, мажар сүрөтчүлүгүн, мажарлардын каада-салттарын, руханий дүйнөсүн башталгыч мектептеринде окутуу жолун табышкан экен. Меним билишмче, эки кылымга жакын убакыттан бери мажар билим берүү системасы бүгүнкү күнгө чейин анча-мынча эле өзгөрүү болбосо, ошол жолдо сакталып келе жатат. Ошондон кийин мажарлар өзүнүн тилинде сүйлөп келе жатышат. Үй-бүлө, бала-бакча, башталгыч мектептерде кыргыздыкты калыптандыруунун ыкмаларын колдонууу зарылдыгы бар деп ойлоймун. Президентибиздин кыргыз наркы жөнүндөгү жарлыгы – кыргыздын кыргыздыгын жөнгө салууга өбөлгө болушу, ага ылайык кыргыздыкка, нукура кыргыздын тарыхый жолуна тарбиялоону, билим берүүнү бекемдөө ыкмасынын табылышы зарылдык. Кыргызды миңдеген жылдар бою кыргыздыгын жоготтурбай келе жаткан элдик тарбия, же элдик педагогика изилденип, тарбиянын тарыхый кыргыз жолу билим берүүдө колдонулушу керек. Азыркы башкалардын педагогикасын таңуулаган “илимий” жолдун эмнеге алып келгенин элдин түшүнүүсү керек.

- Биз азыр экономикалык акыбалыбызга байланыштуу, англис тилин билбесек, орус тилин билбесек жан багуу кыйын болот деп ойлоп, кафелердин аттарын англисче, орусча болгондугу туристтерди тартуу максатында, башка улуттар бизди түшүнбөй калбасын деген көз карандылык болгон үчүн деп, түшүндүрүүгө аракеттенебиз. Бизде жалаң кыргыздар кафе-ресторандарынын аталыштарын башка тилде коет. Тескерисинче, орус, дунган, уйгур, өзбектер кыргызча коет...

***- Кайра куруудан кийин элдин руху бир топ көтөрүлүп калган. Кыргызча жашайлы, кыргыздын каада-салт, урп-адаттарын колдонолу деген элде кандайдыр бир умтулуу бар болчу. Кийинки он чакты жылдан берки абалды карагылачы: Айылдан мектепти бүтүп келген балдардын баары тили келбесе дагы “Передайте деньги” деп, орусча сүйлөйт. Эмне кылуу керек?***

Бала-бакчалар, башталгыч класс, деги эле мектептердин окуу программаларын түп тамырынан бери өзгөртүү керек. Окуулуктар, жеткиликтүү болушу керек. Буларды мындай акыбал менен кое берсек болбойт. Мамлекет барбы?Деги эле мамлекетти эл эмне үчүн курат? Маданият, каада- салт, нарк сакталсын деп, курат. Жаштарга татыктуу билим берилсин деп, курат. Коомдо чар-жайыттыктар жок болсун, ырааттуу башкаруу болсун, элдин ден-соолугу бакубат болсун деп, курат...

***- Биз, учурда тили жоголуп бараткан мамлекеттердин катарында турганыбызды ачык эле моюндашыбыз керек го... Өзүңүз жогоруда белгилеп өткөндөй борбор шаарда кыргызча сүйлөгөн жаштар дээрлик азайып барат. Коңшу эле казак элин алсак, тил маселесинде бизден алда канча алдыга озуп кеткен. Боордош элдин тилге болгон саясатына, же кайсы программанын негизинде өнүккөнүнө кызыгып көргөнсүзбү? Экинчиден, өткөндө министрликтерди кыдырганда мен дагы бир-экөөнө катыштым. Мисалга алсак, саламаттыкты сактоо министрлигинде мамлекеттик тилдин колдонуу деңгээли 18 пайызды араң түзөт экен. Ал жерде тил боюнча адистин орду бир жылдан бери бош. “Адистер келбейт, эч ким кызыктар эмес” деген, шылтоолорду айтышты. Тескерисинче, министрлик эне тилге кызыктар эмес десек туура болот...***

- Эми жоголуп бара жаткан тилдердин катарындабыз деген да, менимче, ашыкча. Буюрса, жоголбойт. Тек гана жоголбоонун алдын алып, тарбия, билим берүүнү, элди агартууну жакшылып жолго салуу керек. Тышкы таасирлер дүйнөдө абдан катуу, ааламдашуу аябай күчөп бара жатат. Бул жагдай мамлекеттик саясатта өзгөчө эске алынуусу зарылдык.

Ушул маселе боюнча баштан өткөндөрдү айта кетсем. Мисалы, совет заманында Илимдер академиясында кыргыз улутунун тили, адабияты, тарыхы, этнографиясы, маданияты ж.б. изилдөөгө алынды. Кыргызга тиешелүү илим тармактары ар бири өз алдынча системага түшүрүлдү. Бала-бакчалар, мектептер, орто жана жогорку окуу жайлары кадимкидей билим берүүнүн жана тарбиянын очокторуна айланды. Эгемен болгондон кийин эмне болдук? Артка кетүү болду. Калыптанып калган кыргыз таануунун бир топ тармактары жок болуп кетүү коркунучунда калды. Башканы айтып эмне кылабыз. СССР-де жолго коюлган кыргыз тил илиминин тармактарын өнүктүрүп, өркүндөтүүнү уланта албадык десем аша чапкандык болбойт. Фактыга кайрылалы. Мисалы, бүгүнкү күнү кыргыз тилинин академиялык илимий грамматикасы барбы? Кыргыз тилинин түшүндүрмө жана кош тилдүү сөздүктөрү даярдалдыбы? Кыргыз тилинин элдик оозеки тили толук кандуу изилдендиби? Кыргыз элдик оозеки тилининин тарыхы жазылдыбы? Кыргыз адабий жазма тилинин тарыхы даярдалдыбы? Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жана анынын колдонулуш жагдайлары изилдендиби? Менимче, жок, артка кеттик. Совет доорунда башталган процессти жолго коё албадык, ыраттуулук жок болду. Жогоруда аткарыла турган илимий иштер кыргыз тилинин кыргыз мамлекетинде оозеки жана жазма түрүндө колдонулушунда, жаштарды, элди агартуу, тарбиялоодо, мамлекетти мамлекеттик тилде башкарууда негиз боло турган фундаменталдуу илимий изилдөөлөр болуш керек эле. Өкүнүчтүүсү – совет доорундагы гана эмгектерди айта алабыз. Эгемендик доорунда аткарыла турган фундаменталдуу изилдөөлөр болбой калды. Жалпы эле кыргыз таануу илиминин тармактары ушул абалга келди. Айрым мыкты окумуштууларыбыздын бирин-серин эмгектеринен башка таяныч боло турган изилдөөлөрбүз жокко эсе.

Сын айтуу оңой. Бирок, чындыкты да моюнга ала жүрүүбүз керек. Салижан Жигитов агай айтчу эле: “Сени кыйын деп койсо эле, укмуш экенмин дебе. Баягы эле сенсиң” деп калчу. Анын сыңарындай “ооруну өлүм ашкере кылат” дейт элибиз. Акыл-эсти калчап, ынтымакка келип, тилчи адистер, кыргыз таануучулардын ойлоно турган учуру келди деп ойлоймун,

Менин ОшМУну бүтүрүп, Кыргыз илимдер академиясында, БГУда, “Манас” университетинде, “Кыргызстан" басма үйүндө, Эл аралык Түрк академиясында иштегениме быйыл элүү жыл болуптур.

Бул жылдар аралыгында көп нерсени баштан кечирдик, кыргыз таануу илиминин күңгөйүн да, тескейин да көрдүк. Кыргыз тил таануу илиминин өнүгүшүнө да күбө болуп келе жатабыз. Мындай абалдан чыгуунун да жолдору жок эмес.

Турмуштук жолдогу тажырыйбага көз чаптырсак, жүрөктө калган орчундууларын калчап отурсам, кыргыз тилчи-окумуштуулардын арасындагы эң чоң кемчиликтерибиздин бири – биздин окумуштуулардын арасында алдыга чыгып баратканын артка тарткан, бири-бирин колдобогон, ыркссыз, ынтымаксыз маанай салтка айланган экен. Ынтымак болсо ар бир окумуштуу өзүнүн тармагында кандай пайда тийгизсем деп, ойлонот. Канча адистер бар, көбү кайдыгер карап, өз ишине жакшы мамиле жасабай, чалмакейди чалат дагы чыга берет. Ушул жагдайдан кутулуу үчүн, тилибиздин келечегин жакшыртуу үчүн, кыргыз тил илими жолго салынып, мамлекеттик деңгээлде толук кандуу иштеши үчүн, ошол ишке фундамент жасоочу окумуштуулардын бекем ынтымагы жана бирдиктүү координациялык принцип менен иш жүргүзүүлөрү зарыл. Бүгүнку күндө ушунун баардыгы бизде аксоодо же координация жок. Ойлонулган бирдиктүү илим-изилдөө программалары жок. Учурдагы абал чалды-куйду. Илимий диссертацияларды карасаңар деле ошондой. Майда-барат темалар алынат, мамлекеттик тилдин колдонулушу, деги эле кыргыз тилинин табияты жөнүндө терең изилдөөлөр жок.

***– Абдан туура айтыңыз! Эң башкысы, тыкыр көзөмөл дагы жок го...***

– Ооба, ал эми экинчи маселе, 1920-жылдардан тартып кыргыз тил илиминин көптөгөн маселелери изилдөөгө алынды. Эски Түркстан чөлкөмүндө колдонулган чагатай тили, акыркы доорунда, же 20-кылымдын ортолоруна чейин колдонулган кыргыз чагатай тили – Түрк элдеринин орток адабий тили болгон. “Эркин-Тоо” газетасы 1924- жылы реформаланган кыргыз чагатай адабий тилинде басылган. Кийин совет доорунда орус тилинин мамлекеттик тил катары үстөмдүгү боло баштагандан кийин, кыргыз тил илиминин бүткүл негиздери евроцентризмге баш ийди да калды. Евроцентризм дегенибиз - европалыктар миңдеген жылдар бою адамзат топтогон маалыматтарды, илим-билимдин жетишкендиктерин дүйнөгө жайылты. Маалыматтардын бийлиги, үстөмдүгү күчөдү. Натыйжада, саясий, экономикалык, коомдук түзүлүш жагдайларына ылайык орус эли, орус тилинин ортомчулугу аркылуу бизде да кабыл алынды. Мисалы, кыргыз тилинин бардык кубулуштары, каражаттары орус тилинин теориясына ылайыкташтырылды. Кыргыз тил илиминин грамматикалык түзүлүшү орус тилинин грамматикалык түзүлүшү кандай болсо, дал ошондой кабыл алынды. Орус тилинин теориясы менен кыргыз тилинин практикасын жасадык. Албетте, Касым Тыныстанов чоң жумуш жасады. Кыргыз тилинин илимий түзүлүшүнө жол ачкан эң чоң окумуштуубуз Касым Тыныстанов болду. Коомдогу жагдайларга ылайык 1928-жылы кыргыз тили латын алфавитине, 1938-жылы кирилл алфавитине өткөрүлдү. Москвада “Комитет нового алфавита” деген жаңы комитет түзүлгөн. Илимий жетекчим Николай Александрович Баскаковдон ал комитеттин тарыхын уккан жайым бар. Натыйжада, кыргыз тил илиминин табиятына туура келбеген, орус тилинин табиятын тууураган, кыргыз тили илими пайда болгон. Биз бүгүнкү күнгө чейин орус тилинин структуралык, теориялык негиздерине таянган кыргыз тил илиминин мөмөсүн жеп жатабыз. Бирок, бул маселе бизде гана эмес, СССР империясынан тараган бардык мамлекетте ушул көйгөй бар.

Бул боюнча бир Америка окумуштуусу мени таң калтырды. Анын айтуусу боюнча кыргыз тилиндеги модалдык

сөздөр, жардамчы этиштердин табияты орус тил илиминде башкача экен. Туура келбесе деле биз аларды орус тилиндегидей кабыл алыптырбыз. Мындай жагдайлар көп, ошондуктан, акырындык менен орус тилинин теориясына таянып, калыптанып калган кыргыз адабий тилинин өнүгүшү жана калыптанышы үчүн, биз эми жаңыча камкордук жасашыбыз керек. Эң биринчи ирээтте, мыкты академиялык грамматика жазуу керек. Бүгүнкү күнгө чейин толук кандуу академиялык грамматикабыз жок. Албетте, такыр жок эмес, бар. Акыркы аракет 1981- жылы жарыяланган грамматика бар. Андан бери эч кандай өзгөрүү жок. Академиялык грамматика болбосо, ЖОЖдордо кыргыз тил илиминин тармактары боюнча окутуу жана аларды активдүү колдонуу, адистердин толук сабаттуулугун камсыз кылуу мүмкүн эмес.

***– Демек , бир өзөктүү калып жок, али бир нукка келе элек экенбиз да...***

-Ошондуктан өнүгө албай жатабыз. Академик К.К.Юдахиндин 1925-жылы, 1940-жылы, 1965-жылы жарыялаган Кыргыз-орус сөздүктөрү чыккан. 1957- жылы “Орусча-кыргызча сөздүгү” басылган, кийин 1969-жылы бир томдук “Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү”, 1984-жылы эки томдук “Кыргыз адабий тилинин сөздүгүнүн” 1-тому жарыяланган. Кыргызстан совет доорунда сөздүк жазуу боюнча өрнөктүү мамлекеттердин бири эле, лексикографиялык кыргыз мектеби калыптанган болчу. К.К. Юдахинден кийин Жапар Шүкүров - Кыргыз илимдер академиясы уюштурган, кыргыз тилинин улуттук сөздүк картотекасын негиздеген окумуштуу болгон. Андан соң Э.Абдулдаев, Д.Исаев агайлар түзгөн “Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүктөрү” , “Кыргызча- Орусча сөздүк”, “Орусча-Кыргызча сөздүк” бүгүнкү күндө таңсык болду. Бүгүн жаңы сөздүктөрдү жазуу колго алынбады. Бүгүнкү кыргыз адабий тилинин лексикалык катмарын, курамын чагылдырган кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү жок. Бүгүнкү күндө биз колдонуп жүргөн сөздүктөр дагы К.К. Юдахиндин ж.б. мурунку сөздүктөрү кайталанып чыгарылган, сөздүктүн принциптери сакталбаган, талапка жооп бербеген чүргөмөйлөр бар.

***– Коош дейли, эми кандай жол менен жандануу жолуна түшсөк болот ?***

-Бүгүнкү күндө бала-бакчалар, мектептер, ЖОЖдор, жалпы калк, туристтер үчүн атайын даярдалган кыргыз тилинин түшүндурмө, көп тилдүү сөздүктөрү керек. Ошол сөздүктү жаза турган адистер тарбияланбай калды. Ар бир эле тил адиси сөздүк жазганга жарабайт. Традициялык сөздүкчүлүктү IT технологиясын колдоно билген лексикографтарды тарбиялоо керек. Салттуу сөздүкчүлүктү үйрөнгөн улуу муундагылардан, К.К. Юдахинди көргөн, Э.Абдулдаев, Дөөлөтша Исаев, Намазбек Бейшекеев ж.б. менен иштешип калган эки эле адистин азыр көзүү тирүү. Ал жашы 90дон ашкан Жузакан Осмонова деген мыкты адис эжекебиз жана мен экенмин. Бир кызыбыз академияда аракет жасап жатканынан кабарым бар.

***– Демек, бул жаатта деле бирин-экин эле адис калыптыр да?***

– Академиянын бүгүнкү күндө келген чекити, маарасы ушул. Ошол фундаменталдуу эмгектер жок болгондон кийин мамлекеттик тил дагы иштебей, колдонулбай жатат. Кыскасы, тилибиз бүгүн отоо чөп басып, акыбалы өтө начар. Сындар айтылып жүрөт, “ооруну жашырса, өлүм ашкере кылат” дегендей, бул маселени жашырбоо керек. Мамлекет бул иште – өзүнүн мамлекет экендигин көрсөтүүсү зарыл, мамлекеттик заказ деген болуу керек. Бүгүнкү күндө тилге бөлүнгөн акчалардын дайыны жок. Ошолордун бардыгын уюштуруп, Советтер Союзунун учурунда жазылган китептерди кайра чыгаргандын ордуна, жаңыларды даярдап чыгаруу керек.

Үчүнчү чоң маселе, бүгүнкү күндө кыргыз тил илими боюнча адистердин жетишсиздиги, илимдин кандидаты, доктору болгон көпчүлүк окумуштууларыбыздын компетенттүүлүгүнүн жетишпестиги дагы артка тартууда. Өзүнүн фамилиясын туура жаза албаган окумуштууларыбыз бар. Кадр даярдоо маселеси дагы оңой иш эмес. Бир кадрды даярдоо үчүн ондогон жылдар керектелет. Ошол эле Э.Абдулдаев, Д.Исаев, Н. Бейшекеев, К.Сейдакматов, Ж.Осмонова, Ш.Жапаровдордун сөздүк жазгандарын көргөм, аралашкам. Сөздүк жазуу өтө түйшүктүү жумуш. Эки миллиондон ашык кыргыз сөздөрүнүн картотекасы бар эле. Ал кароосуз калган, чаң басып жатат, жоголдубу, барбы, караган, толуктаган эч ким жок. 30 жылдан бери кыргыз тили күнүгө өнүгүп жатат, күнүгө кыргыз лексикасына сөздөр кошулуп жатат, кошумча маанилер пайда болуп жатат, аларды каттаган эч ким жок, эч кимдин иши жок. Ошондуктан, биз адистерди даярдашыбыз керек.

***– Төртүнчү маселеңиз да бар эле, агай...***

– Азырынча, балким, бул маселени козгоо эртерээктир, бирок ошентсе да айта кетүү керек. Биз тууроонун устасы болгон элбиз, бир жактан айтып койсо, ушул туура турбайбы деп, кайталаган элбиз. “Орус айтса, туура айтат” деп өзүбүздү кем тутканга көнүп калгандайбыз. А бирок, өзүбүздүн элди, өзүбүздүн элдин кулк-мүнөзүн , философиясын, жашоосун изилдеген окумуштууларыбыз дагы жок калды, жокко эсе. Баары эле көчүрмө, көчүрмөчү окумуштуулар болуп кеттик. Өкүнүчтүүсү – кыргыз элин, тилин, фольклорун, маданиятын, антропологиясын изилдей турган учур өтүп кетип жатат. Азыркы муун телефон чукулаган, интернеттен башы чыкпаган муун болуп калды. Ошонун баарына мамлекеттик деңгээлде саясат жүргүзбөсөк, абал чатак жагына айланып бара жатат. Президент указ чыгарды, ошону дурустап түшүнө албай жатат окшойбуз. Баары мурдагыдай эле жайбаракат, жаңыча, жигердүү иш-аракеттер байкалбайт.

ЖОЖдордо кыргыз тилине байланышкан профилдик адистикти үйрөткөн, мисалы, кыргыз тили, кыргыз фольклору, кыргыз адабияты, “Манас” таануу, Кыргызстандын тарыхы, Кыргызстандын географиясы деген сабактар бар. Бир жылдан бери мен ошол сабактардын окутулушун иликтедим. Мамлекеттик стандарт деп, программалардын бардыгында сааттар кыскартылган, мисалы, ЖОЖдордо кыргыз тили, адабияты мугалимдерин даярдаган факультеттерде деле сааттар кыскарган. Медицина, инженерия, айыл-чарбасы сыяктуу ар түрдүү адистиктерди даярдоодо кыргыз элине, Кыргызстанга байланыштуу сабактардын сааттары кыскарып, эптемей акыбалга өткөн. Кыргыз тилди билбеген медик деген ким болот, же кыргызча туура сүйлөй албаган инженер ким болот? Аларды, “ Чала молдо дин бузат” кылып, же жыргатып окутпайбыз, же окута турган окуу китебибиз жок. Мисалы, “Манас таануу” сабагын киргизип койдук. Бирок, министирлик даярдаган же окуу программасы, же методикасы жок, бардыгы халтурага айланган. Ким гана “Манас таануу” сабагын окутпайт?

***– Агай, бир салыштыруу айтайын, өткөн жылдары Баткен ызы-чуусунда көпчүлүк аянтка топтолду. Жаштар “Барабыз!..” деп, кыйкырып атышат. Бирок, бийлик автобус алып келип коюп койсо эч ким түшпөйт. Арасынан тааныш балдардан сурасам, мылтык атканды билишпейт экен. Себеби, Акаев бийлик учурунда эле ЖОЖдордогу аскер кафедраларын жоюп жибериптир. Ошентип, балдарыбыз таш менен гана урган деңгээлде экен. Тилекке каршы бүгүнкү күндө тилибиз дагы ошол акыбалда , куралы, методикасы, усулу жок. Баягы эле жараксыз иш жүргүзгөн кишилер, ошол тармакты тейлеп, ошончо жылдардан бери эле кетпей отурат.Болгону өзүңүз айткандай,мамлекеттин сан миллиондогон акчасына жараксыз китептерди чыгарышты.Бул коррупция эмеспи? Куда каалаcа, газетабызга бата берсеңиз, ушулар менен биз алыбыздын жетишинче күрөшөлү деп, аракеттерди баштадык...***

– Дүйшөке, башкы редактору катары милдетти, жоопкерчиликти моюнга алган экенсиңер, ийгилик коштосун. Кыргыздын жан-дүйнөсүн кайра аңтаруу керек. Казактар алты жылдан бери, “Кайра жаралуу” деген программаны иштетип жатышат. Казак элин камыр кылып жууруп, “Эй казак, сен элүү жылдан кийин дагы өзүңдүн мамлекетиңе ээ болушуң керек!” деген саясатын жогорку деңгээлде жүргүзүүдө. Орусча сүйлөп кеткен казактын баары учурда казак тилинде сүйлөп калды. Бизде, тескерисинче, орусча сүйлөгөндөр көбөйүп кетпедиби. Ошондуктан, ата-бабалардын мурасын сактоо, нарктуу, салттуу кыргыз болуу бир гана президент же министр дегендин колунан келбейт. Бул ишти жалпы эл-журт жапа тырмак колуна алышы милдет. Эми дагы кеч эмес, уул-кыздарыбызды, келечек муунду туура багытка салбасак болбой баратат...

***– Рахмат, ишиңизге ийгилик! Мындан ары дагы тыгыз байланышта болуп, чогуу иш алып баралы.***

**Дүйшөн КЕРИМОВ**



# Казына



***

*Өз өмүрү жана эркиндиги үчүн колунда болгонун аянбаган эл эч качан жеңилбейт.*

***

*Искусство менен сүрөтчүлөрүнөн кол жууган улут толук жарамдуу жашай албайт.*

***

*Улут маселесин ой келди жана жоопкерчиликсиз коргогон болбойт, ал саясый тема болуудан мурда идеалдардын негизине таянышы керек.*

АТА ТҮРК (Мустафа Кемаль) (1881-1938), Түркия президенти

***

*Жаштыгы менен коштошкон жалын менен бийлей албайт.*

***

*Бакытын барктай албагандан өткөн бактысыз жан жок.*

Ибн Сина АВИЦЕННА (УЛУКМАН) (980-1037), перс философу жана акын

***

*Убакыттан өткөн кеменгер жок.*

***

*Китеп – мезгил агымындагы толкундардын үстүндө калкып, муундан-муунга асыл ойлорду ташып жүргөн жүгү бар кеме сыяктуу.*

***

*Китеп окуу адамды билерман кылса, маектешүү – баамчыл кылат, а окуган, уккандарыңды жазуу – тактыкка үйрөтөт.*

***

*Жөн гана окуй турган китептер арбын, аларды суудай жутасың. А чайнап сиңирээр китептер чанда бир кездешет.*

***

*Өз иши менен алектенгендерде гана ичи тарлык мүнөз болбойт.*

***

*Коомдун кызыкчылыктарына ар дайым үй-бүлөлүк кызыкчылыктардын кесепети көп тийет.*

Фрэнсис БЭКОН (1561-1626), англис философу

***

*Жан дилибизди тузактаган жер – бул Ата Мекен.*

***

*Мамлекеттеги мыйзамдардын көптүгү – саны самандай дарыгерлериң жүрүп, дарттын дабасын таба албагандай кеп.*

***

*Кылмышка көз жумган адам да, кылмышка тиешелүү.*

***

*Революция кылууга жыйырма том эмес, кенедей чөнтөк китепче жардам берет.*

ВОЛЬТЕР (1694-1778), француз жазуучусу жана философу

***

*Түркөйлүк – жамандыктын, ичи тарлыктын, ач көздүктүн, пастыктын, ал эмес одоно кемчиликтер менен баардык күнөөлөрдүн энеси.*

Галилео Галилей (1564-1642), Италия илимпозу.

***

*Дайыма карама-каршылыгыбызды ачык билдиргенде гана алдыга жылабыз.*

***

*Саясый эркиндиктен мурда тазалык маселеси маанилүү.*

***

*Газета - чоң күч. Анын күчү байлоону бузган суудай баарын ойрондойт. Ээнбаш журналисттин калеми да, бүлдүргөндөн башкага жарабайт. Эгер гезитти ким бирөө сырттан көзөмөлдөсө, анык кокуй ошол. Андан көрө, көзөмөлсүз болуп же көзөмөлдү сырттан эмес, ичтен кылганда гана чоң муктаждыкты жаратат.*

***

*Маанилүү максатка каражат өзүнөн-өзү табылат.*

***

*Балээден оңой-олтоң кутулуш үчүн бирөөнү курулай кубантып, “макул” дегиче, “жок” деп кесе айткан оң.*

***

*Дүйнө канга кан менен жооп берген үчүн сокурдай карайлап отурат.*

***

*Адегенде сени эч ким көзгө илбейт. Кийин шылдыңдай башташат. Андан соң сени менен кармашканга өтүшөт. Акыр аягы жеңип чыгасың.*

***

*Өктөмдүктөн баш тартуу – суу жүрөктүк.*

Махатма ГАНДИ (1869-1948) Индиянын мамлекет ишмери

***

*Эгер Ата Журт деген баштыктай сүйрөп, өзүң менен алып жүрөр нерсе болсо, анын баасы сокур тыйынга татыбас эле.*

***

*Жазуучу жазбай жүрсө да, жазып жүрөт*

***

*Жакшы идеяны алып чыгуу үчүн, көңүл түпкүрүн аңтарасың.*

***

*Президент – башкы бийликтин ээси. Өз элинин туткасы, тарбиячысы. Калган эл ошого карап боюн түзөйт, иш жүргүзөт, сөзүн аңдайт.*

Чынгыз АЙТМАТОВ (1928-2008) жазуучу жана дипломат

№8 (282)
31
08
2022
kyrgyztili@mail.ru

# КАЙРАН КАМБАРАЛЫ БОБУЛОВ



Камбаралы БОБУЛОВ

Камбаралы Бобулов жаратылышында, табиятында эч кимден, эч нерседен коркпогон, чындыктын таман асты болуп жатканын көргөндө ордунда тынч туралбай жанып кеткен, акыйкат үчүн кара жанын аябаган инсан болгон. Ошондой эле ал коркок, пикирин айталбаган, өз чындыгын коргош үчүн күрөшпөгөн жалтак, мугамыр адамдарды да жек көргөн. Сунулган кылычтан башын тартпаган инсанды эскерип отуруп, биз дагы акыйкаттан жүзүбүздү бурбай, ачык айтканга кам уралы.

"…Тил деп жашайт Бобулов,
Эл деп жашайт Бобулов.
Ата журтум – Ала-Тоо,
Бел деп жашайт Бобулов.
Дооматтары кастардын,
Жел деп жашайт Бобулов.
Бүт өмүрүм, тагдырым,
Сел деп жашайт Бобулов.
Депутаттык кайрадан,
Кел деп жашайт Бобулов."

/"Тил деп жашайт Бобулов"/.

Азил-чыны аралаш бул ырда чыгаан сынчы, жазуучу, таржымачы, акын Камбаралы Бобулов өзүнүн портретин өзү даана эле тарткансыган экен. Ырасында да ошентип жашады. Бул ыры көзү өткөн соң тагыраагы, 2011-жылы жарыкка чыккан төрт томдугунун биринчи китебине кириптир. Анын көзү өткөнүнө 20 жыл болуп калды. Арийне, чыгармаларынын топтолуп, томдук болуп чыгышы алкоого арзый турган иш. Мунун жүзөгө ашышына илимдин доктору, таанымал адабиятчы, Жусуп Баласагын атындагы КМУУнун проректору Садык Алахандын эмгеги чоң болгонун да белгилей кетели.

Ай-ааламды калчылдатып турган СССР мамлекети жан таслим кылып, 15ке чачырап кетер алдында өлкөбүздүн аймактарынан да Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешине депуттарды шайлоо жүргөн. Туулган жери – Ноокаттан К.Бобулов да депутат болуп келген. Кийин ал парламент "Легендарлуу..." деген аталыш менен тарых барагына кирген.

Көрүп-билип калгандар ошол легендарлуу парламент тууралуу сөз болгон чакта азыр дагы эки кишини эң биринчи аташат – бири К.Бобулов, экинчиси – Төрага М.Шеримкулов. К.Бобулов Парламенттеги эң мадимий (активдүү) депутат болгон. Адепки күндөрдөн тартып эле өлкөбүздүн өз алдынчалыгы, улуту молдаван болуп, Бишкекте туулган советтик аскерий колбашчы М.В.Фрунзенин ысымын алып жүргөн башкы шаарыбыздын тарыхый наамын алышы, тилибиздин мамлекеттик тил катары мыйзамга эгедер болушу, маданиятыбыздын, адабиятыбыздын өр алышы үчүн кара жанын карч уруп иштеди. Чындыкты, акыйкатты ачык айтып, ортого алып чыгышы айрым бир жандарга жаккан жок. Алар менен күрөштү, айтышты, жаман көрүнгөн кездери да болду. Бирок, ал кайра тартпады. Парламенттеги ар бир күн Камбаралы Бобуловдун катышуусуз өтпөгөндүгү, ар кандай маселелерде пикирин өзгөртпөй айтып тургандыгы дале көпчүлүктүн жадында. Кала берсе Төраганын өзү да андан жалтактап, орус тилинде даярдалган баяндоолорун жасар алдында андан кечирим сурап калчу.

Ошондогу Президент А.Акаев бир күнү Камбаралы Бобуловду чакыртат. Мамлекеттик "Учкун" акционердик коомун жетектеп берүүнү айтат. Аталган коом жеп-ичкенге, байыганга өтө мүмкүндүгү кеңири болчу. Табиятынан арам менен адалдын чегарасын мыкты билген пакиза Камбаралы Бобулов ошолорду биле туруп, баш тартат. Эне тилим деп эбедени эзилип турган жан "аты улук, супурасы куру" "Эне тил" коомун өзүнө ылайык көрөт. /Кошумчалай кетели – К. Бобулов баш тарткан "Учкунду" кийин Асанбек Стамов, Каныбек Иманалиевдер энесинен калган саан уйдай эле саашкандары, таш-талканын чыгарышкандары элдин эсинен чыгып кетелек/.

"Эне тил" коому 1991-жылы 6-майда Өкмөттүн, тагыраагы Насирдин Исановдун колу коюлган токтомдун негизинде түзүлгөн. Мамлекеттик казынадан каржыланган эмес. Болгону Свердлов райондук акимияттан 4 бөлмө бошотулуп берилген. /Азыр анын экөөсү гана калган, аларга ижара акы төлөп турушат/.

Коомдук ишке келер замат ал жер-жерлердеги жетекчилер менен сүйлөшүп, чөнтөктүү, таасирдүү адамдарга кайрылып, кыргыз тили боюнча ар кандай маараке, иш-чараларды өткөрө баштаган. Жыйналган каражаттын эсебинен ал жерде иштеген 15ке жуук кызматкерге айлык берип, ошондой эле "Эне тил" аталышындагы гезитти чыгарта баштаган. Ноокен, Ноокат райондорунда "Эне тилим – эне сүтүм" майрам-сынактарды өткөрүп, топтолгон каражатка сел келген, суу агызып кеткен көпүрөлөрдү курдуруп берген.



"Эне тил" гезити азыр да жарык көрүп келатат, шартка, абал, кырдаалга байланыштуу аталышын "Тил жана маданият" деп өзгөрткөн.

Дегеле ушуреде бир акыйкатты айтпаса болбой тургандай. –Мен кыргызмын! – деп канча бай азаматтар көкүрөгүн керип, жер-сууга батпай жүрүшөт. Ошолордун бири дагы бул коомго оң колун сунуп, сары чака чыгарып, кол кабыш кылып койбоду. Андайлар качанкы бир замандарда өткөн, ысымдары жашаган коктусунан алыс чыкпаган, барк-баалары деле ченелүү ата-бабаларын баатыр, бий, болуш болгон дешип, калпты катыра жаздырышып, китеп кылып чыгартышып, алардын арбактарына аш-той беришип, улак чаптырышып жүрүшөт. Ошондойлорду угуп, көрүп туруп, кайрандарга кыргыз тили керек эмеспи деген кыжаалат ойлор жаралат. Деги бир бай кыргыздын эне тилине күйгөнүн, мамлекеттик тилдин бийик секиге чыгышына кол кабыш кылганын көргөн жан барбы?!

Камбаралы Бобулов өмүрүнүн соңку жылдарында саламатчылыгынын солгундашына карап, көбүрөөк дарыланып жүрдү. Ооруп жүргөнүнө карабай кыргыз тилинин мамлекеттик тил болушу, анын бардык жерде колдонулушу, тазалыгы үчүн жанын аябай күрөшүп жүрдү. Орус тили расмий тил катары кабылданса кыргыз тили анын тебелендисинде каларын далай ирет кан какшап айтты, жазды. Бирок, А.Акаев ага кулак какпады. 1993-жылдын башында Акаевдин кызуу демилгеси менен орус тилине расмий тил катары макам берилди. Буга кимдер канчалык капа болушканын билбейм, бирок, ооруп жүргөн Камбаралы Бобулов кандан бүткөн баласы жан кыйгандай чексиз капа болду. Дартына дарт кошулду. Жакындарынын айтышында ал ошондо: "Эми мен жакында өлөм!" – деген экен. Ырасында эле расмий тилдин кабылданышы менен анын ажалы жакындады.

Бобулов чындыгында эле пайгамбардай эле айткан тура. Расмий тил кабылданышы менен мамлекеттик макамдагы тилибиз артка сүрүлдү. Өзүнүн коомдук зарылчылыгын жоготту. Ушул азыркы кезде дагы мамлекеттик тилибиз жогорку кызмат орунундагы адамдардан тартып тээ ылдыйдагы жетекчилерге дейре таасирин тийгизе албай жатат, жыйналыштар, иш кагаздары бүтүндөй эле орусча кетип жаткандыгы жанды ачытат.

Студент чагынан эле акыйкат, адабияттагы халтуралар менен аёосуз күрөш жүргүзүү тууралуу жазып, калктын көзүнө бат байкалган Бобуловдун кыргыз адабияты үчүн жасаган дагы бир эрдигин эске сала кетели. Азыркы ааламдык жазуучу Чыңгыз Айтматов адепки чыгармаларын жарыялап, анын ичинде "Жамила" повести айрым көралбас калемгерлер тарабынан "талкаланууга" туш болгондо 20 жаштын тегерегиндеги Камбаралы Бобулов эң биринчи, кайталайбыз, эң биринчи болуп, чыгарманын ар тараптан мыктылыгын айтып, коргоп чыккан. Керек болсо Луи Арагондон мурда ал чыгарманы махабат жаатындагы эң мыкты повесть деп жазып чыккан. Муну көралбаган адамдар билишсе да оозго алышпайт. "Луи Арагон айткан" дешет. Менин жекеназарымда жаш жазуучу Ч.Айтматов Мухтар Ауэзовго жолугуп, Бобуловдун Аалы Токомбаев баш болуп "Жамиласын" итталамайга алышканда сүйлөгөн, жазган пикирин айткан болуш керек. Анан Ауэзов өзү да повестти окуп чыгып, Бобуловдун пикирин Арагонго билдирген чыгар.

Кыргыз, орус тилдеринде бирдей жазган, советтик эң үлкөн гезитке, "Правдага" кыргыз улутунан Ч.Айтматовдон кийин Кыргыз ССРи боюнча кабарчы болуп иштеген Бобуловго тиешеси бар дагы бир окуяны калкка билдире кетейин.

Бишкектеги чоң базардын, "Ош" базарынын жанында, Киев жана Б.Бейшеналиева көчөлөрүнүн кесилишинде Ж.Турусбеков атындагы 2-китепкана жайгашкан. Ал китепканада Камбаралы Бобуловго арналган атайын бурчтун барлыгы анын зайыбы Акация Маматованын ал китепканада узак жылдар мүдүрлүк кылганынан эмес. Башка себептен. 1994-жылы Бишкекте орус улутундагы Б.И.Силаев мэрлик кылган. 70 жылдап кашык менен чогултулган мүлктү колу жеткен арам ойлуулар менчиктештирип жатканда Силаев аны кимдир бирөөлөргө менчиктеп бермей, а анысы эл көп болчу жайдагы бул китепкананы арак сатчу дүкөнгө айландырмак болот. Ошондо депутат Камбаралы Бобулов катуу киришип, Парламентте маселе көтөрүп, маданий очокту – китепкананы арак дүкөн кылдырбай, сактап калган. Мунун өзү дагы Бобуловдун улуттук маданиятка жасаган аруу кызматы катары каралууга тийиш.

"Менчиктештирүү" демекчи, легендарлуу Парламенттеги 350 депутаттын дээрлик бардыгы көзү түшкөн, колу жеткен элдик мүлктөрдү кымтып кетишкен. Акыйкатты ачык айткан Камбаралы Бобуловду эскерип жатып, арбагынын алдында калп айтышка акым жок го. Башкаларды атабаганда да маселен, жазуучу депутаттардан Казат Акматов "Тюбетейка" ресторанын, Мар Байжиев "Ош" базарынын бир ныптасын, Төлөгөн Касымбеков "Сары-Челек" мейманканасын өздүк кылып алышкан. А алардын жолдошу, калемдеши К.Бобулов менен эл ырчысы Эстебес бир калем да алышкан эмес. Бул алардын пейилинин актыгы, назарынын токтугу эмеспи!

Азыр анын ысымын алып жүргөн эки орто мектеп бар – Ноокат районунун Үч-Бай айылында, Бишкектин Көк-Жар конушунда. Бишкектеги Зелёная көчөсү да 2016-жылы К.Бобуловдун наамына өзгөртүлгөн.

Булардан башка туулган айылы Өсөрдө, Ноокат районун паркында айкелдери орнотулган.

Эли-жери үчүн жаамыга түбөлүккө өрнөк, үлгү болчу эбегейсиз эмгек өтөгөн адабиятчы, коомдук ишмер К.Бобулов тирүү болгондо быйыл 82 жашка чыкмак. Кыргыздын ар бир кызы, уулу Камбаралы Бобуловдой эне тилин сүйүп, ага жүрөгүнөн тайсалдабай кызмат кылганда гана мамлекеттик тилибиздин байрагы бийиктеп көтөрүлмөк.

**Тамара ДОБУЛ кызы,
Токтогул району**

# Ак элечек башыңан түшпөсүн!



"Ак элечек башынан түшпөсүн" – өмүр бою баш кошкон жары менен бирге өмүр сүрсүн деген маанидеги алкыш сөз.

Илгери заманда кыргыз аялдарынын баш кийими башкача болгон түрү бар. Анткени, ислам динине киргенден кийин, аялдардын баш кийими өзгөрүп, апакай жоолук же ак элечек оронгон окшойт. Ислам дининин жобосунда, аялдардын намахрамга (жат адамга) көрсөтпөй турган денесине; эки бетинин отунан, эки колунун учунан, эки бутунун башынан башка жерлеринин бардыгы кирген. Ошон үчүн элечек пайда болгон. Элечек оронгон аялдын тамагы (алкымы) да көрүнбөйт. Ал алкымынан өйдө тартканын "ээк алгыч" деп атаган. "Элечек" фарсы тилинен кирген. Ал тилде "лячек" деп атайт. Түштүктө "леки" деп да атайт. Ошентип элечек ислам дининин киргизген жаңылыгы. Илгери кыргыздар башка динде жүргөндө аялдар жүндөн жасаган калпак (шляпа) кийген. Аны байыркы сүрөттөн көрүү кыйын эмес.

Илгерки салт боюнча, эри өлгөн аял башындагы ак элечегин алып салып, анын ордуна кара жоолук салынып, тулдун түбүнө бир жыл отуруп, үч убак өлгөн эрин эске салып, аны аябай даңазалап кошуп отурууга аргасыз болгон. Бир жыл өткөндөн кийин өлүктүн зыйнаты – ашын бергенден кийин гана кара жоолугун алып салып, ордуна ак жоолук же апакай элечек оронгон. Мына ушундан "Ак элечек баштан түшпөө" – өмүрдү алган жары менен бирге өткөрүүнүн белгиси болуп калган. Тескерисинче, "кара элечек" эринен ажырап, тул (жесир) калуунун белгисине айланган.

Элечектин тарыхын дагы уланта кетели. Арабдын ислам динине байланыштуу кирген бир байлам жоолугун кыргыз элинин уз аялдары өзгөртүп, абдан эле жетилген жеткилең түргө айландырган. Элечекти оронот. Демек, элечек жасоо үчүн бир нече метр каса жибегин, торко жибегин жана ак болотнай колдонгон.

Торко элечек оронуп,
Той башкарган, энекем.
Каз элечек оронуп,
Калк башкарган, энекем!

– деген кошоктон байкоо кыйын эмес. Элечектин бөлүктөрүнө өзүнчө ат коюп алган:

Ээк алгыч, сала коймо, кеп такыя, кыргак ж.б.

Кыргыздарда элечектин бир нече түрү бар. Алай кыргыздарынын элечеги өзүнчө бир башка. Түндүк кыргыздарда бир башка. Азыркы кезде театр аркылуу түндүк кыргыздарынын элечеги колдонулуп кетти.



*Санаа*

# УЛУТТУК КАСИЕТ ЖАНА КУЛЧУЛУК СЕЗИМ

Ата-бабаларыбыз, негизи эле биздин элибиз мейманды, конокту кантип тосушкан? Үйүнө конок келгенде бой жеткен кыздарынын колуна нан, боорсок, сары май салынган идишти карматып , көчөгө, сыртка чыгарып коюшканбы? Ушинтип тосушканбы? Ал эми эл башкарган билермандарчы?

Мен ушуну билейин деген ниетте бир топ улгайган кишилер менен сукбатташтым. Алардын айтымында кыргыздар, негизи эле түркий тилиндеги тектеш калктар, мейли, алар исламды тутунабы, будданы карманабы, же отко, ташка сыйынабы, баары бир эч убакта меймандарын кыз-келиндерге тостурбаптыр. Үйдүн ээси, эркек балдары, жигиттер кош колдорун бооруна алып, сылык-сыпаа кабыл алышкан. Минип келишкен көлүктөрүн жайгаштырышып, конокторду сыйлуу үйгө баштап киришкен. Ал эми байбичелер, келиндер алар менен кошо келген ургаачы кишилерди өзүнчө кабылдашып, атайын алар үчүн даярдалган өргөөгө же бөлмөгө жайгаштырышкан.

Көптөгөн түркий тилиндеги боорлорубуздун арасынан биз да ислам динине ыкырар кылабыз. Байыртадан келаткан каада-салт, нарктарыбыз менен бирге шариятка да баш ийебиз. Шарияттын талабы боюнча болсо, келген конокторду кыз-келиндер тоспойт. Шариятта бой жеткен кыздарыбызды жат, чоочун көздөргө негизи жок эле көрсөтө беришке жол койбойт, муну күнөө катары карайт.

Советтик бийлик миңдеген жылдарды карытып келген салт, каадаларыбызды талкалаган. Бизге салтыбызда да, динибизде да жок жаңы "жосундарды" үйрөткөн. Эркин өлкө, эркин улут болсок да православдардын Компартия тарабынан үйрөтүлгөн ошол жугуштуу дарттарынан алигиче кол үзө албай келатабыз. Кайсы бир чет мамлекеттин башчысы келсе да, ал эле эмес, Хабиб сыяктуу спортчу келсе да самолёттун шатысынан жерге бут койгон жайга кычыраган кышта да, аптаптуу жайда да кыздарыбызга улуттук кийимди кийгизип алып, колдоруна боорсок, нан, сары май салынган табактарды карматып коёбуз. Мунун кереги барбы акыры?

Славяндардын ал салтын эми өздөрүнө эле бербейлиби? Биз унутуп эле салсак жарашпайбы? Колдоруна табак толгон боорсок, нан карматпай эле, алибеттүү, зыңкыйган жигиттерибизди кыргызча кийиндирип, эне тилибизде салам бердирип тосуп алсак уятпы? Жигиттерибизге улуттук кийимдерди кийгизип, кемерине булдурсун камчыларды кыстарттуруп тоссок, бирөө бизди жаман көрөбү? Четтен келген меймандардын даража, чин, даңкына карабай, аларга өз салтыбызды шардана этсек. Деги биздин өздүк касиет- наркыбызга ким "Бул болбойт, жарабайт!" дейт, болду экен...




Телеберүүлөрдөн кызыгып көрдүм. Өзбек, казак, түркмөн туугандарыбыз да бизчилеп сулуу кыздарын алдыга чыгара меймандарын тосуп алышат. Албетте, аларга да уят, алар дагы советтик кездеги жуккан "дарттарынан" айыгыша элек экен да. Келиңиздер, демократия кеңири, бекем орногон Кыргызстан мамлекетинде, биз, улуттук салтыбызды биринчи болуп баштайлы!

Ушуга улай орустар үйрөткөн дагы бир жосунду айтайын. Элибиз шаманчылыкта турган убактарда да, теңирчиликти карманып турган мезгилинде да кишиге өлгөндө аны көмүүгө алып жөнөгөндө кандайдыр бир аскердик духовый оркестирдин коштоосунда , айлана-тегеректи дүңгүрөткөн эмес экен. Музыкага, ыр-күүлөргө шаттуу, шаңдуу чактарда гана көңүл бурушкан. Ислам дини да муну туура көрбөйт. А биз болсок алигиче бир аз атыжыты чыккан адам өлсө эле аскердик гарнизондордон акча сарптап духовый оркестирди алып келип, орустардын музыкасын чалдырабыз, мылтыктарды барсылдатабыз... Биз үчүн ушунун кереги барбы? Менимче кыпындай да кереги жок. Тек гана бул элибиздин али кулчулук ой-санаадан арыла албаганын кесепети эмеспи.

**Мунарбек КУРМАНОВ,**
**Нарын району.**

№8 (282)

31
08
2022

kyrgyztili@mail.ru

# БАЙЫРКЫ БАШАТ БУЛГАНБАСЫН



Бизге эркиндик, ага кошо эгемендик келгени кыргыздын байыркы ишенимдери менен түшүнүктөрүнө, дүйнөтаанымына, жалпы алганда көөнө тарыхына жана өткөн болмушуна, кыскасы, улуттун түпкү башаттарын ачканга кызыккандар көбөйдү, бул темаларга байланышкан түгөнгүс түкшөмөлдөр айтылды, алардын көбү айныбас акыйкаттай таңууланды. Натыйжада ошол байыркы башаттардын көбү ылайланып, булганып калды. Атүгүл "Манастын" түп нускасы табылды деп айкайлап, эзелки эпосту – улуттун генетикалык кодун – алмаштырып салганга аракеттер жасалды. Бу жандими жомоктун тарапкерлери азыр деле жең ичинен, кээде ачыктан ачык эле кыргыздын онтологиялык коопсуздугуна – урктаанымына (национальное самопознание) сокку уруп жатышат. Мындай кыйды максат үчүн алар дале келип улуу эпостогу айрым түшүнүктөр менен айтымдарды колдонуп, өздөрүнүн бузуку, өтүрүк ойлорун көңкү калкка жайылтып келатышат. Буга далил кылып бу жерде көптөгөн мисалдарды келтирсек болот эле, бирок мен бир гана учурга кайрылгым келет.

Атап айтканда, азыр дээрлик кыргыздын байыркы кудайы деп ташбыйкатталып жаткан Көкө теңир сөзүнө токтолууну эп көрүп отурам. Неге дегенде дал ушул аталымды теңирчиликтин эн белгиси эсептегендер, аны кыргыздын эзелтен келаткан төл түшүнүгү деп жер сабагандар четтен чыгат. "Элдик академиктер", алардын "илимий шакирттери", бир катар философтор менен тарыхчылар, айрым акын-жазуучулар, дегеле homo sapiens жаралгандан берки, атүгүл ага чейинки доорлордон кыргыздын изин таап жаткан криптожазмакерлер мындан кенедей шек кылышпайт. Алар жадесе "көкө теңир" сөзүн Манастын антына да желимдеп, жабыштыра салышкан. Ошондо баатыр бабабыз: "Төшү түктүү жер урсун, Төбөсү ачык көк урсун, Көкө теңир өзү урсун", - деп карганган имиш.

Мунун канчалык чындыгы бар, териштирип көрөлү. Анда түз эле Манастын антынан түшөлү. Сагымбай аксакалда ал мындайча берилет: "...Ушу сөздөн жанганды, убададан танганды, Төбөсү ачык көк урсун, Төрт чарыяр көп урсун, Төшү түктүү жер урсун, арбагы бийик эр урсун, ак пайгамбар пир урсун, Аты Кызыр тирүү урсун, кырк чилтен кайып эр урсун, кылым турган эл урсун. - Ушуну айтып эр Манас, уруулуу журт көп алаш, Карыя Эштек тагасы, кан Жакып бай бабасы, аксакалдан Айдаркан, азар түмөн канча жан, Омийин деди күнгүрөп, кол көтөрдү дүңгүрөп... " (188-189).

Көрүнүп тургандай, бу жерде "көкө теңир өзү урсун" деген дегеле сөз жок. Бу биринчиси. Экинчи жагы – абдан маанилүүсү – эпостун биз билген бардык варианттарында "теңир" сөзү жалаң кыргыздарга, "көкө теңир" өңчөй калмак-кытайларга карата колдонулат. Башкача айтканда, бул эки түшүнүктү эпос эки башка ишенимге бөлөт, эки башка дин деп карайт. Сагымбай аксакалда, маселен, кытайлар жаш Манасты кармап алмакчы болуп келип: "Эми көкө теңир бериптир, көөп жүргөн баланы" (67), -деп сүйүнүшөт. Кийин кыргыздар Акунбешим шаарын камалап, каркап каптап киргенде калмактардын Култка баатыры: "Он жети атам табынган, ойдо жогум табылган, Көкө Теңир кудайым, жалынып жардам сурайын"(522), -деп жалбарат. Кыргыздарга такаат кылганга күчү жетпей калганда: "Сыйынуучуң мен элем, чын колдоочум сен элең, Теңиринен буруттун, кайсы жериң кем элең?! "- деп "улук көкө теңирине"(455, 456) наарazы болот.

Айтор, жамандык-жакшылыкта, бардык учурда калмак-кытайлар эпосто жалаң көкө теңирине кайрылышат, мисал үчүн бир нече бетти көрсөтө кетели (63, 67, 393, 436, 441, 522, 528, 529, 553, 574-ж.б.).

Саякбай аксакал "көкө теңирди" үчилтиктин экинчи бөлүгүндө - "Семетейде" арбын айтат, болгондо да жан алакетке түшкөн калмактарды сүрөттөгөн учурларда колдонот. "Көкө теңир буркан деп, качып жүргөн андан көп, кантип аман калам деп, шашып жүргөн андан көп".

Бул эки түшүнүктүн ушундай эле аңытын Байымбет аксакалдан да көрөбүз. Жусуп Мамай аксакалда көкө теңир калмак-кытайлардын кудайы делинет. Көкөтөйдүн ашына келип, Мааникерди көргөндө Нескара, Жолой, Коңурбай үчөө: "Көкө теңир жолуна, арнап койчу мал экен", - деп шыпшынышат (Манас. Шинжан, 2005, 125).

Эпосто калмак-кытайлар көкө теңирге кантип таатибаадат кылганын сүрөттөгөн эпизоддор да жолугат. Мисалы Жолой: "Күн чыгышка бет алып, өз growth" 

Андай болсо азыркы биздин теңирчилер эмнеге "көкө теңирди" кыргызга энчилеп, кала берсе Манастын антына чейин кошуп, бизге аны "ыйык ишеним" катары таңуулап жүрүшөт? Балким, биздин атактуу манасчы-бабаларыбыз өткөн тарыхты азыркылардан начар билген чыгар?

Буга тарыхый булактардан жооп издеп көргөнгө туура келет.

"Көкө теңир" тууралуу биринчи маалыматтар 1200-жылдардын орто ченинде монгол империясында болуп кетишкен Марко Полонун, Плано Карпини менен Гильом Рубруктун жазмаларында айтылат (Книга Марко Поло. М.1962; Путешествие в восточные страны Плано Карпини и Рубрука. М. 1957). Алардын соңунан монголдордун Көкө Теңирге табынганын Рашид ад-Дин өзүнүн атактуу "Жами ат-таварихинде" (1310) көрсөткөн, анын ичинде Чыңгызхандын чокуга чыгып, күндү карап, асманга кантип тооп кылганын эки ирет сүрөттөп жазган. Бул маалымат биздин эпосто Жолойду сүрөттөгөн жогорудагы эпизодго толугу менен төп келет.

Чыңгыз хандын тушунда монголдордун чоң бакшысы Көкөчү Тэб-Тенгри аталган. Ал боз ат минип асманга барып, жаратқандын өзү менен сүйлөшүп келген деген аңырт кептердин араага тараган. Рашид ад-Дин муну "акылга сыйбас калп" деп атайт. (Рашид ад-Дин. Сборник летописей. I том. М., 1952). XVII кылымда жашаган монгол жылнаамачысы Санан-Сэчен Хунтайжи жазгандарга таянсак, Көкөчү Тэб-Тенгри чоң курултайда Тэмучинге Чынгыз хан деп ат коюп, ага улуу каган наамын берет, жаангер болсо ошол эле жерде өзүнүн бидэ элин (кытайча бэй-ди) көкө монгол – көктүн эли деп жарыялайт.

Ошентип, "көкө теңир" аталымы Чыңгыз хандын тушунда таралып, кийин ал ойрот-жунгарларга, калмактарга өтөт, алар муну кыргыздарга да жайылтат. Калмактардан калган субстраттар бизде бир топ чыгат, Көкө теңир диний маанидеги ошондой эпоним.

"Көкө"- монгол доорунан аркы замандарда түрк элдеринде жолукпайт. Муну "теңир" сөзүнүн тарыхына кайрылган бардык булактардан текшерип көрсө болот. Түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгүн (ЭСТЯ: Общетюркские и межтюркские основы на буквы "К", "Қ". М., 1997. 2000.) түзгөндөр монголдордогу "көкө" түрктөрдөгү "көк" сөзүнөн мурда жаралганына таныктар табылбаганын белгилешкен. Алтай кубар тилинен тараган бул эки тил, лингвисттердин болжолунда, б.з.ч. 4-миң жылдыктын орто ченинде эки бутакка ажыраган. Анын үстүнө монголдорго кирген түрк сөздөрү эртеги доорлордо эмес, орто кылымдарда ооп өткөн.

Орхон-енисей ташжазмаларында "көкө"деген сөз таптакыр жок. Аларда "көк" гана бар, болгондо да ал "таңри" менен кошо айтылбайт: "оза көкте", "көтүрмүш таңри". Бул эки сөз бардык жазма эстеликтерде үч жерде гана катарлаш жолугат. Мисалы, Күлтегинге арналган чоң жазууда: "Yza kok tanri asra jaguz jir kuluntukda, akin ara kisi oglu kulunmus". Муну "жогорто көк асман (жана) төмөндө кара (күрөң) жер жаралганда алардын ортосунда адамзат балдары (kisi oglu) жаралган" деп которушкан. Эгер tanri "көк асман" болсо, анда ааламдын баарын ким жаратканы түшүнүксүз болуп калат. Ошондуктан илимпоздор бу сүйлөмдүн "таңри жогорто көктү (жана) төмөндө кара (күрөң) жерди жаратканда алардын ортосунда адамзат балдарын (kisi oglu) жараткан" болуп окулушу туура дешет.

Көкө теңирге байланыштуу кызык маалымат Махмуд Кашгариде (XI кылым) жолугат. Анын атактуу лугатында "таңри" – Алла Таала, Жаратқан. Буга кошо ал бу сөзгө мындайча түшүндүрмө берет: "Динсиздер – ылайым аларга Алланын каары жетсин! – таңри деп асманды айтышат. Таңри деп алар ошондой эле өздөрүнө эмне улуу көрүнсө, ошонун баарын, мисалы, бийик тоону же чоң даракты да айта беришет. Ушундан улам алар окумуштуу кишини таңрикан дешет. Жараткан бизди ушундай жаңылыштыктардан сактасын!" (Диван Лугат ат-Турк. "Дайк-Пресс", 2005).

Акырында дагы бир маалымат. 1950-жылдары С. Абрамзон Ысык-Көлдө болгондо жергиликтүү сөз бакмал кишилердин бири калмактар кудайды "көкө теңир" деп аташарын укканын, бирок кыргыздар бу сөздү демейде колдонбой турганын айткан экен. "Биз, кыргыздар кудайды Теңир деп эле айтабыз", -дептир ал (Киргизы. Фрунзе.1990).

Азыр деле эл ичинде "Теңирим Алла колдосун!", "Теңирим кудай жалгасын!", Жараткан Теңирге миң калла шүгүр!" өңдүү айтымдар арбын колдонулат. "Көкө теңир колдосун же жалгасын" дегенди көркөм чыгармалардан, интеллигенция өкүлдөрүнүн оозунан гана укпасак, калк ичинен кулак чала элек.

Кайталап эске сала кетели: "Манастын" биз билген классикалык варианттарында кыргыздар тек гана Теңир, калмак-кытайлар Көкө теңир дешет. Биринчи түшүнүк бери эле дегенде он миң жылдай илгери жаралган, экинчиси биздин замандагы экинчи миң жылдыктын башталышында – Чыңгызхандын тушунда пайда болгон. "Көкө теңир" бизге негизи калмак оторлугунан калган.

Ошентип суроо чыгат: кыргызга тээ алтай кубар тилинен бери келаткан Теңир ыйыкпы же калмак-манжурлардын кудайы Көкө теңир ыйыкпы?

Бу собол тиги же бу сөздүн тарыхына гана байланышкан иш эмес, баарыдан мурда улуттук урктааным (национальное самопознание) ишине тикелей тиешеси бар маселе.

Иши кылып, ток этер кеп мындай: байыркы башаттарыбыз таза сакталсын, билерманданып аларды булгагандарга, бабабыз Махмуд Кашгаринин сөзү менен айтканда, Теңирдин каары жетсин!

**Эсенбай НУРУШЕВ**



№8 (282)
31
08
2022
kyrgyztili@mail.ru

# КЫРГЫЗТЕСТ
## МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ БИЛҮҮ ДЕҢГЭЭЛИН БААЛАЙТ








**Республиканын мамлекеттик тилинин тарыхында биринчи жолу анын өнүгүүсүнө бирден-бир түрткү берүүчү эл аралык стандарттардын негизинде тилди билүү деңгээлин баалоо боюнча улуттук «Кыргызтест» системасы 2012-2013-жылдары иштелип чыгып, Концепциясы 2013-жылдын 26-мартында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген.**

«Кыргызтест» системасын иштеп чыгуу, техникалык жактан жабдуу, ишке киргизүү жана калыптоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын түздөн-түз колдоолору менен ишке ашырылып келүүдө.

2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасында каралган бардык иш-чаралар «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси тарабынан ыраатты менен толук аткарылып, өлкөбүздө «Кыргызтест» системасына болгон ишеним жылдан-жылга өсүүдө.

2014-2018-жылдары «Кыргызтест» системасынын усулдук-ченемдик расмий документтери, А1, А2, В1, В2 жана С1 деңгээлдик колдонмолору, лексикалык жана грамматикалык минимумдары, «Кыргыз тилинин жыштык сөздүгү», бардык субтесттер боюнча тест базасы, компьютердик тест программасы, расмий сайты, тестти баалоо жана жыйынтыктоо технологиялары иштелип чыкты.

«Кыргызтест» системасын улуттук тест системасы катары өнүктүрүүнү камсыздоо үчүн 2018-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси түзүлдү. Мекемеде атайын бөлүмдөр ачылып, тиешелүү адистер ишке тартылды.

2018-2022-жылдардын аралыгында «Кыргызтест» жамаатынын күжүрмөн эмгегинин натыйжасында республика боюнча жалпысынан 54 133 адам расмий каталуу аркылуу тест тапшырды. Тест тапшыруучулардын чөйрөсү жылдан-жылга кеңейип, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер, өлкөбүздүн Президенттигине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына талапкерлер, жалпы билим берүүчү мекемелердин бүтүрүүчүлөрү, ошондой эле окумуштуулук даража алууну көздөгөн жарандар жана Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуучу чет өлкөлүктөр да тест тапшырып жатышат.

«Кыргызтест» системасы менен коомчулукту кеңири тааныштыруу, мамлекеттик тилди үйрөнүүгө жарандардын кызыгуусун арттыруу жана улуттук системаны даңазалоо максатында «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси тарабынан жыл сайын Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик тил күнүнүн» урматына өлкөбүздө да, чет өлкөлөрдө да флешмоб түрүндө чакан тесттер өткөрүлүп келүүдө.

Замандын талаптарына ылайык «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси тарабынан мекендештерибиз үчүн тестти онлайн тартибинде тапшырууга да мүмкүнчүлүк түзүлүп, 2019-жылы Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясынын Москва жана Санкт-Петербург шаарларындагы, ал эми 2020-2022-жылдары Австрия, Бельгия, Германия, Канада, Пакистан, Украина жана Швейцариядагы элчиликтеринин кызматкерлеринин арасында да тест жүргүзүлүүдө.

Санариптештирүү доорунда тилди окутуунун жана тест жүргүзүүнүн жаңы формаларына муктаждык чоң болууда. Ушундан улам, тилди үйрөнүүчүлөрдүн өз алдынча иштөөсүнө шарттарды түзүү жана тил үйрөнүү процессин жөнөкөйлөтүү максатында мекеме тарабынан мамлекеттик тил боюнча мобилдик тиркеме иштелип чыгып, ишке киргизилген. Каалоочулар бул тиркеме аркылуу «Жазуу», «Сүйлөө», «Лексика, Грамматика», «Окуу», «Угуу» субтесттери боюнча өз алдынча машыгуу менен тилдик көндүмдөрүн өркүндөтө алышат.



Ошондой эле 2014-2018-жылдары «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси менен Россия Федерациясынын МГУ ИРяИК институтунун адистеринин ортосундагы тыгыз кызматташуунун натыйжасында ТРКИ (орус тилин чет тили катары баалоо) системасынын негизинде Кыргыз Республикасында ТРКО (орус тилин расмий тил катары баалоо) системасы иштелип чыккан.

Кыргыз Республикасы–Россия Федерациясы кайчылаш жылынын алкагында 2020-жылдын 21-февралында «Эл аралык эне тил күнүнүн» урматына расмий тилди билүү деңгээлин баалоо боюнча баамдоо тести уюштурулуп, тестке Россия Федерациясынын Кыргызстандагы элчиси, ошондой эле аталган элчиликтин жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын өкүлдөрү катышкан эле. Учурда аталган тест Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуу чөйрөсүндө да кеңири колдонулууда.

Учурда «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинде Кыргыз Республикасынын улуттук «Кыргызтест» системасын өнүктүрүү жана даңазалоо, аны эл аралык системалардын арасында таанытуу жана жакынкы жылдары Эл аралык стандарттарга толук жооп берген система катары Европанын «ALTE» (Лингвистикалык тесторлордун Европа Ассоциациясы) уюмуна киргизүүнүн үстүндө аракеттер жасалууда.

Бул багытта 2017-жылдан бери Кыргыз Республикасынын «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин жана Нидерландынын «СИТО» педагогикалык изилдөө боюнча улуттук институтунун ортосунда тажрыйба алмашуулар жүргүзүлүп келет.

«Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин жамааты алдыга койгон максаттарын толук жана жогорку деңгээлде аткаруу үчүн бардык күч-аракетин жумшоодо.

**Батма Топоева-Ставинская, "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин жетекчиси**

# Көөнө сөз

**Абак** – түрмө.
**Агача** – ак жүздүү.
**Адаш жол** – жаңылыш жол.
**Ажаан, тажаал** – бейжай.
**Акыл ийлеп** – акылга салып.
**Албан түркүн** – ар түрдүү – ар кыл.
**Аңырт** – күмөндүү кабар.
**Аруу** – таза.
**Андаалап** - чачылып.
**Атпай** – жалпы эл-журт.
**Ашык** – чүкө.
**Аян** – сырдуу белги, кабар.
**Баар** – эрте жаз.
**Бакыл** – сараң, ичи тар.
**Бакыр** – кедей.
**Барик** – жалбырак.
**Бейпил** – тынч.
**Берен** – мыкты.
**Дабаа** – айла.
**Даван** – ашуу.
**Дөөдүр** – келесоо.
**Дулдул**- кулук ат.
**Жаал** – каар.
**Жубар** – аппак, тунук.
**Жумгактап** – жалпылаштырып.
**Жуук** – жакын, чамалаш.
**Кайгуул** – чалгынчы.
**Калайман** – бүлгүн, кыйсыпыр.
**Караламан эл**- көпчүлүк эл.
**Коога** – коркунуч.
**Көлүк** – мингич ат.
**Лөк** – нар төө.
**Машташуу** – макулдашуу.
**Макулук** – жан-жаныбар.
**Мандыкер** – кундүккө жалданып иштеген адам.
**Масилет** – кеңешүү
**Мискин** – бечара.
**Мелжеп** – болжоп, байкап.
**Обо** – асман.
**Осол** – одоно.
**Токонаалат** – жеме.
**Үлпөт** – той, салтанат.
**Үбөлө** – майдала.
**Чукак** – жетишсиз.
**Ыраң** – жайыт чөп.



№8 (282)
31
08
2022
kyrgyztili@mail.ru

80 жашка чыкмак

# Эне тилинин күйөрманы

*Баркталып илим-билимден,*
*Кадыры журтка билинген.*
*Чет тилин окуп жогорку,*
*Элине эмгек сиңирген.*
*Балдарга үлгү болсун деп,*
*Мектепке аты илинген.*

Кыргызды кыргыз кылган кызыл тили эмеспи. Тээ илгери Жусуп Баласагын бабабыз: "Илим менен билимге көпүрө – тил, / Көкөлөткөн адамды тили деп бил" деп кашкайта жазып кетсе, элибизде "Илим деген – ийне менен кудук казгандай" деп ары элестүү, ары таамай айтылат.

Кызылдай мээнети менен мээсин бүлөөгө кайраган, бүткүл өмүрүн илим менен тилге арнаган ушундай ардактуу адамдарыбыздын бири ушул жылы 80 жылдык маарекеси белгиленип отурган профессор Ырыскулбек Чанаков болуп саналат.

Ал 1942-жылы Жалал-Абад облусунун Сузак районуна караштуу Кызыл-Сеңир айылында жарык дүйнөгө келген. Атасы Улуу Ата Мекендик согуштан аман-эсен кайтып, мектепте мугалим болуп иштечү. Ошондуктан тун уулун китепке ынак, тилге дилгир кылып тарбиялаCA керек.

Орто мектепти ийгиликтүү аяктаган соң, 1959-жылы Кыргыз мамлекеттик (азыр-



ку Улуттук) университетинин чет тилдер факультетине окууга өтөт да, француз тили адистиги боюнча жогорку билимге ээ болот. Окуусун артыкчылык дипломy менен аяктаган жаш адис ордо калаадагы Политехникалык институттун тилдер кафедрасына ишке алынып, ошону менен окутуучулук-педагогдук кесибин илим менен айкалыштырат. 1970-жылы учкан уясында – Кыргыз улуттук университетинде эмгек жолун улантып, өмүрүнүн аягына чейин француз тили кафедрасында ага окутуучу, кафедра башчысы, декандын орун басары жана декан, чет тилдер институтунун директору кызматтарын аркалайт. Адилет, ак кызматынын аркасы менен ага 1998-жылы профессор даражасы ыйгарылган.

Профессор Ы.Чанаков 50дөн ашуун илимий эмгектердин жана методикалык иштелмелердин автору. Илимий жетекчи катары бир катар аспиранттарды кандидаттык диссертациясын жактоого даярдаган. Узак убакыттар бою КУУнун Жогорку окумуштуулар кеңешинин мүчөсү, Чет тилдер институтунун Окумуштуулар кеңешинин төрагасы катары ардактуу милдет өтөгөн. Бир нече ирет Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Агайдын кыскача өмүртаржымалы ушундай. Кыска. А бирок "мугалим – мөмөлүү дарак" демекчи, ошо кыска аралык ичинде ал киши канчалаган жаш муундарды тарбиялап өстүрүп, билимге сугарбады, тилге каныктырбады дейсиң. Алардын бири – агайдан таалим алып, шакирти атанган профессор А.Эргешов: "Чет тилдерин терең өздөштүргүлө. Канчалык көп тил билсеңер, жан дүйнөңөр ошончолук бай болот. Дүйнө таанымыңар кеңейип, келечегиңерге кенен жол ачылат" деп кайталоодон тажачу эмес экен. Анын бул насааттарынын канчалык акыйкат жана зарыл экенин бүгүнкү күн менен азыркы акыбал-шарт таасын далилдөөдө.

Ырыскулбек Чанаковичтин алган билими менен аркалаган иши француз тили бирок, ал эне тилинин чыныгы күйөрманы болгонун эстен чыгарууга болбойт. Түнү уйку көрбөй, күнү ты-



ным албай изденүүнүн жемиши катары ал 1980-жылы "Кыргыз тилиндеги суроолуу сүйлөмдөрдүн интонациясы" аттуу илимий диссертациясын жактап, филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болгондугу мунун айкын далили. Ырасында, улуттук тил илиминин интонациябасым өңдүү бул тармагы боюнча иликтеп-жиликтечү маселелердин алиге чети оюла элек. Өзгөчө, технология менен техниканын азыркыдай жеткиликтүүлүгү бул теманы тереңдеп изилдөөгө жол ачып турган ушул тапта Ы.Чанаковдун бул эмгеги жаш окумуштуулар үчүн табылгыс таберик, адаштырбас багыт көрсөткүч жана тайгылбас таяныч болуп бере алат. Анын илимге калтырган залкар мурасы ушул.

"Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин" демекчи, агайдын көзү өткөндөн бери 23 жылдын жүзү болсо да, анын жаркын элеси чогуу иштеген эмгек жамаатынын, окуучулары менен шакирттеринин, жердештери менен айылдаштарынын эсинде. 2001-жылы анын ысымы бир кезде атасы мугалим болуп иштеген, өзү окуган айылдагы мектепке ыйгарылган.

**Токтош САМАГАНОВ**





**Мар БАЙЖИЕВ**

# ТОГУЗУНЧУ МАЙ КҮНҮ

Жогору чыга бериште автобус жарадар болгон аюудай онтоп, араң кыбырады. Көк түтүн асфальттан чыккан аптап менен аралашып, коңурсуду.

Автобустун ичи үп. Машине жулкунган сайын адамдар алдыга –артка чайпалып, шамалга ыргалган камыштай сеңселет.

– Эй, айдоочу, сен эмне? Отун тартып баратасыңбы? Чеберден айдабайсыңбы!

Какшык сөздөр, шылдыңдуу күлкү жаш айдоочунун далысынан кайкып өткөнсүйт. Ал рулду бекем кармап, үн катпайт.

«Балдар жана инвалиддер үчүн орун» деген жазуунун астында толмочураак, улгайган аял олтурат. Ал кез-кез жүз аарчысы менен желпинип коёт. Эртең менен сергүндө үйдөн чыккан. Ал эми май айында аба ырайы тентек баладай эмеспи: эртең менен жаан жаап, түштө ысып, кечинде кайра бүркөлөт же тескерисинче болот. Аял күндүн ысыгында жылуу жоолук салынып алганын ичинен өкүнүп, автобустун эшигин көздөй басты.

– Ой, апаке, менин бутумду басып алдыңыз! – деди бир жигит. Бирок, андан кечирим суроого чамасы да келбеди. Машина токтоочу жерине жакындап калган, анын үстүнө колундагы корзинасын сууруп ала албай алек болду.

– Жок дегенде сумкамды берип койгулачы? – деп сыртты көздөй умтулганда бир нерсе тырс дей түштү, көрсө жакасындагы седеп топчусу үзүлүп кетиптир. Бирок, ушундай тыгылышта аны кантип табасың. Аял автобустан түшүп топчусуз жакасын кармап, төөнөгүч сатып алайын деп белек саткан дүкөнгө кирди. Эл көп экен. Сатуучудан төөнөгүч сурайын деди эле, кезекте тургандар чурулдап жибериштти:

– Очередге туруңуз.

– Бул нан эмес го, күтө турууга болот?

– Мага белек эмес, төөнөгүч керек эле, – деди аял.

– А эмне, төөнөгүч белек эмес бекен?

Аргасыздан кезекке турду.

Аялдар чурулдашып бири галстук, бири мүштөк, портсигар, сакал алгыч, – иши кылып жалаң эркектерге арналган белектерди алып жатышты.

– Мага эки галстук. Мына муну жана муну, 5 ордендик лента үчүн колодка, – деди көк көйнөкчөн аял.

Сатуучу, сулуу сымал, көздөрү жалжылдаган кыз белектерди



шыпылдап ороп, сатып жатты. Ак жуумал аял портсигарды тандап алды: «Сүйгөн курбума, жеңиш күнү берген белегим. 9 май – 1962-жыл» – деп гравировщикке жаздырды.

«Баса, бүгүн жеңиш күнү эмес беле ..» – деп ойлогуча, улгайган аялдын ирети да келип калды.

– Сизге эмне берейин? – деди сатуучу.

– Мага баары бир .. Эмне берсеңиз, өзүңүз билиңиз, – улгайган аял аптыгып калды.

– Тезирээк айтыңыз, эл күтүп жатат, ушинтип өзүңөр эмне аларыңарды билбейсиңер, анан сатуучуну күнөөлөйсүңөр, – деди сатуучу.

– Деги бир нерсе бериңизчи?

– Галстук берейинби?

– Мейлиңиз ..

– Канчаны берейин?

– Экини тандап бер, кызым, – деди аял.

– Жаш адамгабы, же улгайган адамгабы?

– Экөөнө тең. Сатуучу заматта эки галстукту шуудураган кагазга ороп, көк лента менен байлап, аялга сунду да, шляпа кийген абышкага кайрылды. Ал дагы галстук тандап жаткан экен.

– Уулума, сонунун тандап алайын, ал согушка катышкан, он алты жашында кеткен, Берлинди алган .. Берлинди, кызым да согушка катышкан, ага да белек алдым, – деп абышка өзүнчө кобурады.

Улгайган аял эшикке чыкканда гана бул жерге төөнөгүч алайын деп келгенин эстеди, үйгө чейин жакасын кармап барууга туура келди .. Аял үйгө кирери менен кагазды ачты: галстуктун бири кызыл тазыл – жаш адамга ылайык, экинчиси күрөң. Аял галстуктарды көкүрөгүнө басып ыйлады. Бара-бара караңгы түштү.

Бир кезде күндүн күркүрөгөн үнү угулду, бирок, ал Жеңиш күнүнүн салюту экен. Ракеталардын нуру ирегеде илинген эки адамдын портреттерине түштү: бирөө будённыйчылардын шапкесин кийген адам, экинчиси учкучтун формасын кийген жап-жаш лейтенант. Бирөө күйөөсү... Бирөө уулу...

Күйөөсү граждандык согушта курман болгон. Уулу Ата Мекендик согушта курман болгон. Аял терезеге келди, жаздыкта көзүнөн аккан жашы калды ..

Асманга кызыл-тазыл ракеталар учуп, кайра жерге түшүп жатты. Дүңгүрөк басылды. Аял терезени карап тура берди. Бир кезде кырчындай жаш жигиттерди майданга узаткан вокзалдын үстүндө, күмүш нурун чачкан сөздөр бирде өчүп, бирде күйөт:

Тогузунчу.
Май.
Жеңиш.
Күнү ..
Тогузунчу ..
Май ..
1962-ж.

Эрмек ҮМӨТОВ,
КР Маданиятына эмгек сиңирген ишмер

# “БАРДЫГЫНА ӨЗҮБҮЗ КҮНӨӨЛҮҮБҮЗ”



Бир караганда өзүбүздүн мамлекетте жашап туруп эне тилин өнүктүрүүгө байланышкан суроону өзүбүзгө өзүбүз берип, ага кайра жооп издөөнүн өзү таң каларлык жана күлкү келээрлик көрүнүш. Тилекке каршы, бүгүнкү реалдуулуктун көзү менен карасак, эне тилибиз чынында эле күн өткөн сайын коргоого муктаж болуп бараткандыгын көрүп турабыз. Ааламдаштыруунун шартында саны жагынан көп улуттун жана эл аралык деңгээлге көтөрүлүп алган тилдер майда улуттардын тилдерин түз маанисинде айтканда “өлтүрүүчүлөргө” айланып бараткандыгы жалган эмес.

Бүгүнкү күндө кыргыз тилибиз да дал ошол башын өлүмгө байлаган тилдердин катарына кирип калуу коркунучу башыбызга келди. Буга ким күнөөлүү? Өзүбүз, кыргыздар күнөөлүүбүз. Совет доорунда идеологиялык кысым астында жана өзүбүздүн да кайдыгерлигибизден орус тилин эне тилибизден да жогору коюп, элеттеги карапайым колхозчуга чейин жыйындарда орусча сүйлөөгө мажбурлаган кездер өттү. Эгемендүүлүк жылдарында эне тилине мамлекеттик тил катары макам берилгени менен иш жүзүндө расмий макамы бар орус тили, ага кошумча дүйнөдөгү майда тилдердин “жасоолу” англис тили башкарууга өтүштү. Кыргыз тилибиз элетти көздөй куулуп, өз ара пикир алмашуунун күнүмдүк куралына айланып бараткандай көрүнөт.

Анын бирден бир себеби, кыргыз тилинин мамлекеттик макамы тууралуу ушул кезге чейин кабыл алынып келген мыйзам базасынын чабалдыгы жана иштебегендиги. Ал мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлгө алуучу органдардын кош көңүлдүгү, жазганчаактыгы жана өтө эле “ийменчээктиги.”

Маселен, кыргыз тили мамлекеттик тил болгондон кийин мамлекеттик органдардын бардык иш кагаздары кыргыз тилинде даярдалышы керек эле. Мамлекеттик кызмат ордуна келгендер кыргыз тилинен экзаменден өтүшү керек эле. Тилекке каршы, бул айтылгандар аткарылган жок. Аткарылса да эптеп формалдуу түрдө ооз учунан ишке ашырылымыш болуп жатат.

Ошондуктан менин оюмча төмөнкүлөр аткарылган учурда мүмкүн кыргыз тилинин зарылдыгы кичине да болсо өсүп өнүгөт деген пикирдемин.

**1.** Бардык мамлекеттик мекеме-уюмдардын, калкты тейлөө мекеме борборлорунун менчиктик түрүнө карабастан бардык өндүрүштүк жана коомдук уюмдардын, мекемелердин иш кагаздары 100 пайыз мамлекеттик тилге өтүш керек. Өткүсү келбегендерге чоң айып пулдарды салуу зарыл.

**2.** Республиканын аймагындагы бардык мектептерде (орус, англис тилдүүлүгүнө карабастан) кыргыз тилин жана кыргыз адабиятын окутуу саааттарын 2 эсе көбөйтүү зарыл.

**3.** Мектептерде 1-2-класстарда орус, англис тилин окутпай, анын ордуна кыргыз тилин жана анын грамматикасын күчөтүлгөн негизде окуу программасына киргизүү зарыл.

**4.** Медициналык, техникалык, юридикалык терминдердин кыргыз тилиндеги кеңири сөздүгүн түзүүнү колго алуу олуттуу маселе. Мындай сөздүктөр Өзбекстанда Совет доорунда эле түзүлгөн, мүмкүн ошолордон пайдалансак болот.

**5.** Республиканын чегиндеги телерадио каналдарда берилүүчү программалардын контентинин 50 эмес (ал деле аткарылбай жатат) 70 пайызын кыргыз тилиндеги уктуруулар жана көрсөтүүлөр түзүлүшүнө жетишүү зарыл. Өзгөчө балдар үчүн көрсөтүлүүчү мультфильмдер кыргыз тилине которулуп көрсөтүлүүсү керек.

**6.** Өзгөчө Бишкек, Ош сыяктуу чоң шаарлардагы рекламалык көрнөк-жарнактар, дүкөн, супермаркеттердин жана башка мекеме уюмдардын аталыштары кыргыз тилинде гана жазылышын милдеттендирип, анын аткарылышын катуу көзөмөлгө алуу зарыл маселе.

**7.** Кыргыз тилинде иш кагаздарын даярдоо боюнча атайын үлгүлөр киргизилген колдонмо китептерди көп нускада чыгарып, мекеме уюмдарга таркатып берүү шарт.

**8.** Коңшулаш Өзбекстанда, Казакстанда мамлекеттик тил боюнча жүргүзүлүп жаткан иштен үлгү алуу үчүн атайын тажрыйба алмашуу боюнча барып жеринен көрүүгө семинарларды уюштуруу зарыл.

---




# ЭНЕНИН ТИЛИ – ЭҢ ЫЙЫК
## ЖЕ БӨТӨН СӨЗДӨН ӨЗ СӨЗГӨ ӨТ

**ВООБЩЕ** – Такыр, таптакыр, түк;

я вообще сегодня никуда не пойду – мен бүгүн такыр эч жакка барбаймын;

вообще не нравится – таптакыр (түк) жакпайт;

**В ОБЩЕМ** – жалпы, жалпы жонунан, жалпы алганда, жалпысынан;

в общем вы правы- жалпысынан сиздики туура;

**КОРОЧЕ** – кыскараак, кыскача, кыскасын айтканда;

короче говоря – ошентип, кыскача айтканда;

**КОНЕЧНО** – албетте, арийне, сөзсүз;

он, конечно, прав- албетте, аныкы туура;

**ДАВАЙ** – кел, келгиле, канакей, болгула;

давай встретимся в десять вечера- келгиле, кечки ондо жолугалы.

**СРАЗУ**- (моментально) бат эле, ошол замат, дароо;

он сразу проснулся – ал дароо ойгонду;

**ПО-ЛЮБОМУ**- баары бир, кандай болбосун;

он по-любому должен учить кыргызский – ал баары бир кыргызча үйрөнүүгө милдеттүү;

**ИЛИ** – же; же, башкача айтканда ; же… бы;

завтра или послезавтра – эртең же бүрсүгүнү;

в городе или в деревне – шаарда же кыштакта;

или ты не слыхал об этом? – же сен бул жөнүндө уккан жоксуңбу?

**ДАЖЕ**- да, жадагалса, кур дегенде; ал турсун;

я даже представить себе этого не мог – мен муну мындай экен деп ойлогон дагы эмесмин;

даже я не знаю – жадагалса мен да билбеймин ;

**ТОЖЕ**- да, дагы, деле.

Он тоже уехал- ал дагы кетти;

Я тоже бухгалтер- мен дагы бухгалтермин.

**ТИПА**- сыяктуу, -дай (-лай;-тай)

**ТАК**- мына ушундай

**БЛИН** - кап

№8 (282)
31
08
2022
kyrgyztili@mail.ru

# КӨРНӨК-ЖАРНАКТАР КАЧАН КЫРГЫЗЧА СҮЙЛӨЙТ?




**Бишкек – Кыргызстандын борбору болсо, көрнөк-жарнактар шаарыбыздын жүзү. Тилекке каршы, алар ушул күнгө чейин мамлекеттик тилде жазылбай келет.**

Бишкек – Кыргызстандын борбору болсо, көрнөк-жарнактар шаарыбыздын жүзү. Тилекке каршы, алар ушул күнгө чейин мамлекеттик тилде жазылбай келет.

Мунун себеби бирөө гана! Анткени өлкөбүздө жарнак менен көрнөктүн тилин так аныктаган мыйзам жок. Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 24-декабрындагы №155, 2009-жылдын 17-июлундагы №228 «Жарнак жөнүндө» мыйзамында жарнак-көрнөктөр мамлекеттик тилде жүргүзүлсүн деп түз айтылган эмес, тескерисинче өлкө ичинде товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жарнамалоо иштери расмий тилдерде (Кыргызстанда расмий тил — бир гана орус тили), ал эми жарыя берүүлөр жарнама берүүчүнүн өз тилинде же өзү каалаган тилде жүргүзсө болору белгиленген.

Жарнак-көрнөккө карата мындай чаржайыт мамиле мамлекеттик тил катары кабыл алынган эне тилибиздин заман талабына ылайык тамыр жайып колдонулушуна бөгөт болууда.

Биздегидей баш аламандык Борбор Азиядагы кошуна мамлекеттердин биринде да жок. Өзбекстан союз кезинен эле көрнөк-жарнакты өз тилине которуп алган. Түркияда түрк тилинен башка тилге орун жок. Ал эми бизде болсо, англис тилиндегиси да, орус тилиндегиси да, башка тилдегиси да бар.

Бишкектеги мейманканалардын басымдуу бөлүгү – англис, орус тилинде экенине таң калбаңыз. Айрымдарын атай кетели: «Дамас», «Амбассодор», «Жаннат Ридженси», «Smart Hotel Bishkek», «Хаятт Ридженси Бишкек», «Art Hotel», «Orion Hotel Bishkek», «Горы Азии», «Гарден», «Ramada by Wyndham Centre», «Футуро», «Apple Hostel Bishkek», «City Hotel Bishkek», «Southside Bed and Breakfast», «Оазис Резиденс», «Солютель», «Discovery Hotel», «Sara Boutique Hotel», «Madison Ave Hotel Bishkek», гостиница «Шератон», отель «Golden Dragon», «Navat Hotel», «Компас» Хостел, «Plaza Hotel Bishkek», «Bridges Hotel Bishkek», дагы аты аталбаган ондогон мейманканаларды бул катарга тизсек болот.

Борборубуздагы ресторан, кафелер, чайханалар да бул жагынан кем калышпайт. Буларды атап өтөлү. «Золотой дракон», «The Most», «Altyn Palase», банкетный зал «Consul», «Циклон», «Дубровский», «Миндаль», «Тюбетейка», «Mongol», «Conference Cafe Bishkek», «Пристань», «Одиннадцатый» кафе-ресторандарынын, «Sultan», «Урюк», «Resto», «Barhat», «Navat» чайханалары, «Центр Плова», «Ас казан» лагман борборлорунун аталыштары да өзүнүз азыр күбө болгондой өзгө тилде, мамлекеттик тилде эмес!

Баш калаадагы кинотеатрлардын аталыштарында да "Укмуштуунун төөсү жорго" дегендей бар. «Broadway», антикинотеатр «Room Cinema», «Кинотеатр на двоих», «Синематика BishkekPark» кинотеатрларын сиз Нью-Йорктон издебеңиз. Алардын баары Бишкекте жайгашканы кызык!

Билим берүү борборлорунун, менчик мектептердин көпчүлүгүнүн аталышы да мамлекеттик тилде эмес. Алардын аталышын чогуу окуп көрөлү! «Эклектика», образовательный центр «5+», «Одаренный ребенок», «Прогресс», центр дополнительного образования «Знания-Успех», образовательный центр «Флиппер», «Asyl bala», «Профессор Хорст», детский образовательный центр «Ариэл -Лиор», «Instudy», образовательный центр «КРСУ», центр дополнительного образования «Знания-Успех», «Evolution», «Академия роста», «Авакус», «Language academy», «Rainbow», «Happy Kids», «Cambridge United World International School», «Oxford International School», «Звёздочка», «Bishkek International School», «QSI International School of Bishkek», «Наима», «Абитуриент», «Рефал», «Bilimkana» «Chinese School», «Нур Аиша», «Приоритет», частная начальная школа «Абитуриент плюс», частная начальная школа «Одаренный ребенок», образовательный комплекс «Анвита», учебно-образовательный комплекс «Эрудит», частная школа для девочек «Сальсабиль», образовательный комплек-гимназия «Эврика», авторская школа комлекс, образовательный центр "Лицеист ЮНИ", школа-лицей интеллектуального развития, начальная школа «Академия знаний Про», международная сеть образовательных учреждений «Точка роста»...

Учурда жарнама-жарыя жаатындагы белгилүү «Лалафо» электрондук платформасы да бүтүндөй расмий тилде.

Шаардын ичи эмес, тышында да жарнама боюнча абал жакшы эмес экенин белгилей кетейин. Алыс барбай, борбор шаарыбыздын батыш тарабында орун алган «Ак-Өргө», «Ак-Ордо» конуштарын алып көрөлү. Жалаң кыргыздар жашаган бул аймакта да көрнөк-жарнактарда эне тилине орун жок.

Бул бир эсе таң калычтуу болсо, бир эсе өкүнүчтүү көрүнүш! Бөтөн улуттун бир өкүлү жашабаган конушта кыргыз тилиндегисин издесең да таппайсың.

– Биздин конуштардын аты кандай уккулуктуу! Ак-Өргө, Ак-Ордо! Арча-Бешик! Кыргыз жыттанат! Бирок көрнөк-жарнактын баары башка тилде! Ушуга аябай ичибиз ачышат. «Балдар эне тилин билбейт!» дейбиз. Көзүн ачканда эле бөтөн тилдеги жазууну көрсө, кантип өз тилин билсин, - дейт жарандык активист Асан мырза.

Жаш активисттин сөзү калетсиз чындык экенине мен өзүм да күбө болдум.

Эки конуштагы кошумча билим берүү мекемелеринин аталышы «Познавайка», «Мего ментальная арифметика», «Ананайка», «Подготовка к школе», "Я росту", «Английский язык по авторской программе» делип, дээрлик баары орус тилинде.

Коомдук тамактануу жайларынын аталышы да мамлекеттик тилде эмес. «Шаурма с доставкой», «Бар шашлычная», «Мой бургер», Уйгурский центр лагман, «Фаст фуд халал», «Каракольское аш-ляньфу», «Хрустящие крылышки», «Азербайджанский шашлык», «Пивопей», «Спорт бар» делип расмий тилде жазылган.

Жашылча-мөмө саткан дүкөнү – «Овощи и фрукты» деп аталат.

Конушта «Глобус», «Фрунзе» гипермаркеттери, «Удачная покупка» кийим-кече дүкөнү бар.

Ал эми жол четинде кадам сайын учураган жарнамалардын баары – расмий тилде! Чогуу окуп чыксак:

«Натяжные потолки», «Цемент доставка, Отсев, Шебень, Глина в мешках», «Реализуем бетон всех марок с доставкой», «Брусчатка», «Еврозабор», «Утепление домов», «Продаю дом», «Продаю участок», «Пластиковые окна», «Парикмахерская, вечерние прически, укладка волос, покраска волос, макияж, маникюр, шеллак, педикюр, наращивание ресниц, коррекция бровей», «Сдаю в аренду строй инструменты, опалубки, стойки, леса, бетономешалка», «Наятяжные потолки любой сложности без посредников», «Сеем газон», «Товар из Европы и Штатов, все по 350 сом», «Требуются швеи пятинитки», «Реставрация одежды всех видов», автомойка «Шампунь», мойка двигателя, стирка ковров, химчистка, полировка…

Жарнамалардын арасында кыргызчасы да бар экен. Кубанайын десем, ал да: «Квартира берилет. 3 болмолуу 5000 с Ул. Садыков, 220» деп ката жазылыптыр.

Ушинтип биз, кыргыздар, өз тилибизди көз көрүнө кордоп жатыппыз! Аны баарыбыз көрүп-билип жүрөбүз. Бирок аракет жок!

Көпчүлүк адамдар мындайда дароо эле "Очойгон акчалар бөлүнүп жатпайбы! Тил комиссиясы эмне кылып отурат! Карабайбы!» деп киришет.

Мындай мамиле таптакыр туура эмес. Ар бир атуулдун жүрөгүндө ошол «Тил комиссиясы» болууга тийиш, ансыз болбойт! Дагы бир сунушум. Маселенин мыйзамдык жагын да кайра карап чыгышыбыз керек. Антпесек болбойт! Коом туура багытта өнүгүшү үчүн туура мыйзамдар, туура эрежелер зарыл.

Кыргызстанда, анын жүрөгү Бишкекте, көбү мамлекеттик тилде болууга тийиш. Бул – мезгил талабы, эгемен өлкө талабы!

**Алимжан АЛИБЕКОВ,**
**журналист**



# ТИЛ – УЛУТТУН ЖҮЗҮ ЖАНА АР НАМЫСЫ



## “КЫРГЫЗ ТИЛИҢ КЫРГЫЗ СҮЙЛӨЙ АЛБАСА, ЭСКЕ КЕЛБЕЙТ ОЙЛОНМОК ДА, АРДАНМАК”

**Ысмайыл КАДЫРОВ, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, балдар акыны.**

Азыркы мезгилде кыргыз тили такыр эле өнүкпөй калды деп айта албайбыз. Мектепте балдар кыргызча окуп, кыргыз тилинде адабий чыгармалар жазылууда. Мекемелерде иш кагаздар мурда жалаң орус тилинде жүргүзүлүп келсе, кийинки жылдары иш кагаздар кыргыз тилине өтүүдө. Көп жерлерде, жогорку бийлик органдарына чейин кыргыз тилинде сүйлөгөндөр көбөйдү. Ошентсе да мекенчилдик сезим толук ойгоно элек. Кыргыздын ширин, нукура тили менен таза кыргызча сүйлөгөндөр азайды. Ошондуктан биринчи кезекте мекенчилдик сезимди ойготуп, ар бир кыргыз жаранынын “Мен кыргызмын!” деген сыймыктануусун жаратуу зарыл. Ал үчүн бийликтеги адамдар жыйындарда сүйлөгөн, тойлордо бата берген карылар кыргызча таза, ширин, маңыздуу, элди өзүнө тарткыдай сүйлөгөнгө үйрөнсөк. Кыргыз тилин жайылтуучулардын сап башында теледе жаңылыктарды айткан журналисттер турат. Жаңылыктарды шашылыш даярдап, сүйлөмдөрү келегей, начар котормонун деңгээлинде сүйлөгөн журналисттер бар. Булар жаштардын тилге болгон табитин талкалоодо. Ошондуктан тележурналисттер кыргызча уккулуктуу, кооз, таза сүйлөшү керек. Ошондой эле маршруттук унаалардын, автобустардын айдоочулары “Ахунбаева, Токтогула, Арабаева, Баха ж.б.” дебестен, так айтууга тийиш. Антпесе аларды ээрчиген жаштардын “Токтогуладан токтоп коюңузчу, Арабаевадан астанавить этиңизчи, бул маршрутка Бахага барабы?” – деген сөздөрү бүгүнкү күндө нормага айланып баратат. Демек тележурналисттерди, маршруткалардын айдоочуларын кыргыз тилин туура айтууга окутуу зарыл.

Тил – улуттун жүзү, ар-намысы! Кыргыз тили кыргызга гана керек!

Биздин борбордогу дагы бир көйгөй, короодо балдарын ойноткон, бала бакчага, кыргыз мектепке балдарын коштоп бараткан энелердин орусча сүйлөгөнү болууда. Ушуларды көргөндө аргасыз баш чайкайсың. Ушулардын улуттук аң-сезимин ойгото албаган, өзүбүздүн мажиревлүгүбүзгө капа болосуң. Сөзүмдү мурда басма сөзгө, китептерге чыгып жүргөн төмөнкү төрт сап ырым менен аяктайын:

Бака маарап, кокус козу чардаса,
Кыргызбайым жака кармап таң калмак.
Кыргыз тилин кыргыз сүйлөй албаса,
Эске келбейт ойлонмок да, арданмак.



## “ТИЛДИ АР БИР ИНСАН ӨНҮКТҮРӨ АЛАТ”

**Бектур ИСАКОВ, Кыргыз Эл мугалими, Талас облусу**

Талас облусунда 2022-2023-жыл “Бектур агай жылы“ деп жарыяланды, демек ушунун алкагында мамлекеттик тил боюнча суроолор, “Манас”, кыргыз тили боюнча сармерден сыяктуу райондор аралык беттешүүлөр өтөт. Биз минтиш керек, антиш керек дебей, иш жүзүндө жасап жатканыбызды айтып атабыз. Бул жерде эң башкы нерсе, тил жана адабият мугалимдеринин адистик чеберчилигин өркүндөтүү. Ошол таймашта жеңүүчүлөргө сыйлыктарды беребиз. Биринчи орунга тай саябыз. Айта берсек, тил боюнча жасалган иштер көп. Нарк-насил, ыйман-ызат, адеп-ахлак, бардыгы ошонун ичинде. Адегенде мектептер арасында болот, анан ар бир район жеңүүчүлөрү арасында финал өтөт, облустук теле баштан аяк тартат. Бизде бардыгы эле аткаминер, ат үстүндө минтиш керек, тигинтиш керек деп айтуу оңой, анын тетиктери, кыймылдаткыч күчтөрү болушу керек, айтылган сөздөр иш жүзүнө ашышы кажет. Былтыр “Сабат алиппеси”, “Манас алиппеси “ деген баасы сексен миңди түзгөн жүз китепти, мугалимдерге курултай түрүндө өткөрүп таймашка сыйлыкка бергем. Февраль айында курултайды да таймаш катары өткөрдүм. “Сабат алиппесинин” ичинде 3 чоң практикалык маселе камтылган. Биринчиси, жаза билүү – сүйлөгөн сөздөрдү кагазга түшүрүү жолу, экинчиси, азыркы сүйлөп аткан сөздөрдөн тартып байыркы чечен сөздөргө чейин колдонуу, үчүнчүсү, “Сабат алиппеси”. Мунун баарын айткандыгымдын себеби, тилди сактоо жана өнүктүрүү боюнча ар бир адам, мугалим оюн ишке ашырса болот. Биз сактаганды, коргогонду, бардыгын ишке ашырып атабыз. Жаш мугалимдердин коому түзүлүп бардык жактан колдоо болушу керек, жалаң эле тил жана адабият мугалимдери эмес, бардык предмет мугалимдери тилди өнүктүрүүгө салым кошсо.

Мына мен мугалим болуп 54 жыл иштедим, ошол аралыкта башка кызматка да кеткен жокмун, жалаң карапайым мугалим болуп иштедим. Ошол жылдар ичинде 57 илимий педагогикалык китеп жарыяладым. Демек, бүт КР мугалимдерин куралдандырдым деген ойдомун. Демек, аймактардагы ар бир инсан тилди өнүктүрүү иштерин жүргүзө алат.



## “АР БИР ЖАРАН ӨЗ ЭНЕ ТИЛИНДЕ ОЮН ТАК АЙТУУГА МАЖБУР”

**Чолпонкул АРАБАЕВ, КР УИАсынын Мамлекет жана укук институтунун директору, академик**

Албетте, кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили деп баш мыйзамдын 13-беренесинде көрсөтүлүп турат. Кыргыз болгондон кийин эне тилди ар бир кыргыз мыкты деңгээлде билүүгө милдеттүү, себеби, биздин тилибиз өзүбүздөн башка улутка керек эмес. Салыштырып карай турган болсок, орус тилин Пушкиндин тили, бай тил деп, даңктап келе жатабыз. Биздин эне тилибизди да андан дагы бай тил деп айтсак ашык болбойт. Ошондуктан биздин тилибиз бүгүн илим-билимдин, техниканын тили болууга толук мүмкүнчүлүгү бар тил. Тилди сүйүп жана тилибиз менен сыймыктанышыбыз керек. Ошол эле учурда эне тилибизди элге кызмат көргөзүп аткан мамлекет кызматкерлери, сот өндүрүшү, тергөө кызматы ж.б.у.с. расмий кызматтардын бардыгы, өткөн жыйналыштарында, документтеринде сөзсүз түрдө мамлекеттик тилде өтсө... Учурда тилди өнүктүрүү эмес, сактап калуу чоң маселе. Бүгүнкү күндө кыргыз тили өнүгүп кетти дегенден алыспыз, себеби, көчөдөгү көрнөк-жарнактар ж.б. кыргыз тилинде жүрүп аткан иш-чаралардын баарын карап көрсөк, сөзсүз түрдө бир жагынан аксап, бир нерсе жетишпей тузу кем болуп турганы байкалып турат. Айрыкча, борборубуз Бишкек шаарынын көрнөк-жарнактары, чыгып аткан китептер, ЖОЖдордо окуу китептерине тийиштүү көйгөйлөр арбын. Юрист-окумуштуу катары айтсам, бүгүнкү күнгө чейин башка мамлекеттерде басылган окуу китептерди пайдаланып, окуп келаткандыгыбыз тил көйгөйүнүн айкын мисалы. Кыргыз тилине тереңирээк көңүл бөлүп, алыскы тоолуу аймакта эле эмес борбордон, Ак Үйдөн башташыбыз керек. Ар бир жаран сүйлөй дагы, оюн так, ачык билдирип, жашоосунда сүйүп колдонууга тийиш.



## “ТИЛ КОМИССИЯСЫНА АЙЫП ПУЛ САЛА ТУРГАН УКУК КЕРЕК”

**Азамат БОЛГОНБАЕВ, КР Эл акыны, Шаршен Термечиков атындагы Чүй облустук театрынын директору.**

Тилди сапаттуу сактоонун негизги башатын жалпы мамлекеттик иш-кагаздарын жүргүзүүдөн баштоо керек жана ошого катар котормо иштерин дагы сапаттуу алып барбаса, айрым эл аралык нормадагы терминдердин кыргызчасы түшүнүксүз которулуп калып, ошону колго алуу бир кыйла көйгөй жаратууда. Театр трамагында болсо акыркы жылдары Маданият министрлиги иш-кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүү талабын койду. Бул бизге дагы аябай ыңгайлуу болуп атат. Экинчиси, санариптештирүү, маселен гуглтранслейтте дагы башка тилдерден кыргыз тилине которуу мүмкүнчүлүгү бар. Ошол котормону дагы мамлекеттик деңгээлде атайын каражат бөлүп, сапаттуу которгон деңгээлге жетишибиз керек деп эсептейм. Үчүнчүдөн, учурда бардыгыбыз социалдык тармакта иш алып барып атабыз. Ошол жакта дагы жазуу эрежелери так сакталбай, грамматикалык, стилистикалык каталарга жол берип койгон учурлар көп. Бул коомдун иши деп ойлойм. Ар бирибиз бир сүйлөм жазсак дагы катасыз жазууга аракет кылуубуз керек. Албетте, мамлекеттик деңгээлде атайын мыйзамдык эрежелерди, шарттарды түзүп берүү да зарыл. Негизи коомдогу ар бир адам тилдин колдонулушуна басым жасашы шарт. Маселен, чайханага окшогон орус тилдүү жарандар аз барган же барбаган коомдук жайларда деле тейлөө, ичиндеги жарнама иретиндеги жарыялар бардыгы орусча. Алтургай, көчөдөгү жарнактар, соода-сатык дүкөндөрүнүн аттары ж.б. бардыгы орусча же кыргызча туура эмес которулган. Андыктан, Мамлекеттик Тил комиссиясы президенттин алдындагы уюм болгондуктан, мыйзамдык жактан көзөмөлгө алып, туура тартипке келтирсе. Демек, укук бузууларга жол бербестен, бардык иштерди жөнгө салуучу рычаг керек. Мисалы, Тил комиссиясына айып пул сала ала тургандай, натыйжалуу укуктар берилсе жакшы болмок.



## “ТЕАТР ДҮЙНӨСҮНӨ ДА АДАБИЙ КОТОРМО ЖЕТИШСИЗ”

**Назым МЕНДЕБАИРОВ, КР эмгек сиңирген артисти, Т.Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драм театрынын көркөм жетекчиси**

Биздин театр жана кино өнөрүндө кыргыз тилине өзгөчө маани берилет. Мисалы кыргыз академиялык драма театрында эч качан орусча спектакль коюлбайт, жомокторго гана кээде котормочу берилбесе, дээрлик көп учурда кыргыз тилинде. “Кыргызфильм” киностудиясында да сценарийлер кыргыз тилинде гана кабыл алынат. Менимче тилди өнүктүрүү үчүн, биринчи кезекте кыргыз тилиндеги чыгармаларды көбөйтүү керек. Күнүмдүк турмушта балдар менен кыска сүйлөшкөндөн зарыл, азыр алар кыргыздын нуркура сөздөрүн түшүнө беришпейт, аларга көңүл буруп эч ким айтып да бербейт. Ошондуктан көбүнчө кинолордо башка чыгармаларда диалогдор кыска болуп, адабий тилдин колдонулушу шарт. Анткени, театр көңүл ачуучу жана көңүл көтөрүүчү гана эмес үйрөтүп, кайсы бир деңгээлде тарбия берүүчү дагы жай болуп эсептелет. Спектаклге келген балдар ошол сөздөрдү кайсы убакта, кандай мааниде пайдалануу зарылдыгын түшүнүшөт. Ошондуктан мамлекеттик тилди жайылтууда спектаклдердин маанисин мугалимдер кошо келип, түшүндүрүп берсе натыйжа болмок. Ошондой эле мамлекет жардам берсе, кыргызча кино, мультфильм сыяктуу контентти көбөйтүү керек. Баланын кичине кезинен тартып аң-сезиминде кыргыз тили туруусу шарт. Дагы бир маанилүү маселе, бизде профессионалдык адабият жетишсиз, башкача айтканда, кыргыз тилине которулган эмес. Айылдан келген бала актёрлук чеберчиликти же режиссураны үйрөнүү үчүн сөзсүз орус тилин билүүсү керек. Адабият жоктугунан окутуу учурунда ошол студентти терминдин баарын орусча айтканга мажбурлайбыз. Мен Алматыда театр окуу жайын бүткөм. Мындан көп жылдар илгери эле 1987-1988- жылы казак педагогу бар эле, ошол киши театр терминологиясын, Станиславскийди казакчага которуп, негизги актёрлор менен режиссёрлорго керектүү окуу материалдарынын көбүнчөсүн казак тилинде болчу. Азербайжанда Исрафил Исрафилов деген жакшы таанышым бар, ал киши дагы Станиславскийдин системасын, деги эле актёрлук чеберчилик боюнча бир топ китептерди азербайжан тилинде жазды. Кинодо дагы, театрда дагы адабий котормолор, кыргыз тилине тактаана которулган терминология жетишсиз, ошого көңүл буруу керек. Мисалы бизде которулбаган көп терминология бар, ар бир мугалим жалпы кабыл алынган эреже жок болгондуктан, өзү билгениндей которот. Ушул жаатта бир ойго бекип, бирдей терминологияны колдонуубуз керек.



# СЫРДУУ ДҮЙНӨГӨ ЧУЛГАНГАН СҮРӨТКЕР



Белгилүү режиссёр Лариса Шепитько

**Кыска өмүрүндө өзүн искусствого толук арнап туруп, жарк этип жанып – анан өмүрдөн эрте учкан жылдыз... Дүйнөлүк кино ышкыбоздорун Лариса Шепитько өзүнүн айланага, ааламга болгон көз карашы, чыгармачыл фантазиясы, бийик эрки менен айран-таң калтырган. Лариса – кинорежиссёрлук кесип аялзатына анчейин жараша бербейт, бул эркектин жумушу, кино жаратуу үчүн режиссёр деген эркек болушу кажет деген күбүр-шыбыр кептерге чекит коюп, өзүн Улуу сүрөткер катары айкын көрсөтө алды. Ырас, советтик кинематографияда аялзатынан чыккан бир канча режиссёрлор деле болгон. Бирок, алардын арасынан көпчүлүгү өзүбүздөн чыгып, анан бул жактан толук колдоого ээ боло албадыбы же кандайдыр бир себептер болдубу, айтор, «Ленфильм» студиясына барып, не деген өчпөс мурастарды калтырып кеткен Динара Асанова менен азыр мен кеп кылып жаткан Лариса Шепитькодой бийиктикке чыга алышпады окшобойбу!?**

***

Лариса Шепитько....

Оргуп-ташыган орошон талант. Анын жараткан фильмдерине көз жүгүртүп аткан чакта алгач:

– Бул картинаны эркек тарткан! – деген ойго кетесиң.

Анын эмгектериндеги турмушту чагылдыруу ыкмасы, көркөм каражаттары, окуялардын чыңалышы жана андагы каармандар арасындагы бири-бири менен болгон алакаларды баяндоо стили, биз байкай билбеген, айрым учурда анчейин капарга албаган көрүнүштөрдү камерага кармай алган жөндөмгө ээ режиссёр. Ушунусу менен ал, эркектерден кем калышпай бийиктикти багындыра алды. Себеби, ошол эле эркектерге мүнөздүү кайрат-күчтү, чыдамкайлыкты Лариса кадрга терең батыра алган.

***

Табият ага ченебей бардыгын берген. Аялзатына энчиленген сезимталдык, зор интуиция, назиктик, ай чырай жүздү, энелик мээрим анан жоопкерчилик – ушунун бардыгы Ларисанын тулку-боюна уюгандай. Киноискусство десе ичкен ашын жерге таштаган сүрөткердик зор сүйүүсү аны катаал шарттарга карабай режиссёрлук оор милдетти акыр аягына чейин чыдап көтөрө алган кайрат-күчкө эгедер кылды. Студенттик куракта эле курстук иш катары 2-3 картинада актёр катары эпизоддорго катышып, анан кыска метраждуу фильмдерди тартып, качан институтту аяктаар алдында атагы алыска угула баштаган Айтматовдун чыгармаларына арбалат. Жазуучунун чыгармаларынын ичинен негедир Ларисанын көңүлүнө төп келдиби айтор, «Ботогөз булакты» тандап алып, дипломдук иш катары тартам деп алдына максат коёт. Качан Кыргызстанга келип картинага киришээрде кашайып жакын курбусу, өзү менен чогуу окуган Ирина Поволоцкая экөө тең сарык илдети ооруп калышат. Ошо тапта инфекция күч алып жаткандыктан, тасмага катыша турган эки кыргыз актрисасы да аталган дартка кабылышат. Ооруудан кутулуу үчүн жакшылап дарылануу керек деген курбусу Ирина Москвага жөнөп кетет.

Бир аз күндөр өткөн соң Чыңгыз Айтматовдун «Ботогөз булак» чыгармасы боюнча экрандаштырыла турган «Аптап» фильми тартылуучу кино аянтчага Лариса оорудан улам басууга да дарманы келбей, дарыгерлер аны замбилге салып көтөрүп келишет. Атайы ага арнап инфекциялык чакан үй орнотулуп, анда дарыгерлер Ларисаны сакайтууга бел байлашат. Ушундай азап менен ал өзүнүн дипломдук ишин тартып, толук аягына чыгарат.



"Аптап" филиминен кадрлар

Башта фильмдеги башкы каарман Кемелдин ролуна актёр таппай режиссёр кыйлага буйдалат. Бир оокумда Лариса өзү окуган институттун төмөнкү курсундагы кыргызстандык Болот Шамшиевге келип:

– Болот, сенден суранам, менин дипломдук ишиме көмөк көрсөт. Фильмдеги башкы каарманды сен аткарууң керек! – дейт. Муну уккан Шамшиев:

– Кандайча? Мен деле өзүң сыяктуу режиссура боюнча билим алып атам. Мен актёрдук кесип боюнча окуган жокмун да!? Башка бирөөлөрдү караштыр! – дейт каршы чыгып.

– Болот, сен экөөбүз чогуу бир институтта окуйбуз го? Жардам берчи?! Башкы ролдон баш тартпа!? – дейт, аргасы түгөнгөн Лариса.

Атайы Москвадан бери келип атса, анан Айтматовдун чыгармасы болсо, жардам бербеске арга барбы дейт болочоктогу жаш режиссёр башын төмөн салып ойго бата.

> – Эгер менин көзүм өтүп кете турган болсо, 6 жашар уулум Антонго көз сала жүр, макулбу!? – дейт

Саамдан кийин:

– Болуптур, Кемелдин ролун аткарууга макулмун. Азыр жайкы каникулда көлгө барып, бир аз эс алып келейин! – деп, Болот Ысык-Көлгө сапар тартат.

Жаңыдан көлгө жетип эс алып баштаган Болот Ларисадан «тез арада келип кал, фильмди тартуу иши башталды!» – деген телеграмма алат. Кайра артка кайтат. Ошентип, чыгармада сүрөттөлгөндөй какыраган талаада кино тартуу иши башталат.

Фильмде Абакирдин ролуна казактын чыгаан уулу Нурмухан Жантурин, Калипанын ролуна Клара Жусупжанова, Шейшенге – Күнболот Досумбаев, Алдейдин ролуна Даркүл Күйүкова, ал эми башкы каарманыбыздын сүйүүсүнө арзыган бейтааныш кызга Роза Табалдиева тандалып алынат.

Бул тасманын экранга чыкканына туптуура 60 жыл болду. 60 жылдан бери баалуулугун жоготпогон ушул көркөм дүйнөгө арбаласың. Конфликттердин чиелениши, улам окуя барган сайын курчуп олтуруп, акыры жашоодо беттеген багытынан тайбай табиятты аздектеген Кемелдин бу күрөштө жеңип чыгаары жана көңүлдүн кылдарын тымызын черткен махабаттын күүсү ушунчалык назик жана лирикалуу сүрөттөлөт тасмада. Эмгекчилдиги менен эл алкышына ээ болгон Абакир эртеби-кечпи соңунда жеңилүүгө дуушар болору анык болчу. Анткени, кара күчүнө таянып алып айланасына үстөмдүк кылып көнгөн неме, сүйүү эмне экенин кайдан аңдасын!? Ал үчүн илим-билим, ааламда болуп аткан жаңылыктар, айланасын курчаган жаратылыш, Калипанын ага карата ишеними, ашыглык оту деген ыйык нерселер түккө да турбайт. Ал, сулуулукту көрө билбеген көкүрөгү сокур жан. Ошол сокурдук барып-келип өзүнөн алдаганча жаш, күч жагынан алсыз Кемелден жеңилүүгө дуушар кылды. Ошол жеңилүү ызасынан ал туш келди жакка тентип кеткиси келди.

Бул эми «Аптап» фильмине карата менин жеке баамым. Дегеним, жапжаш туруп болгондо да, эң алгачкы эмгеги менен башка режиссёрлордон айырмаланып чоң киного кадам таштаган Лариса Шепитьконун чыгармачылык дараметинин күчүнө, табиятты тааный билүүсүнө таазим этип аткандагым.

***

Кыска өмүрүндө ал советтик кинематографияга салым кошом деп тыным албай иштеди. Лариса качан бу жашоодон түбөлүк узаганда, миллиондогон кино ышкыбоздору айттырбай

келген ажалга наалат дешти. Кесиптештери анын режиссёрдук зор кудуретин, ой чабытын, адамгерчилигин, жөнөкөйлүгүн бир айтып муңканса, көрүүчүлөрү маани-маңызга бай тасмалары үчүн алкыш айтып, бирде анын ички дүйнөсүнүн тунуктугуна, анан чырайлуу жүзүн эстей өкүнүчкө батышты. Ошол сулуулук, ошол чырайлуу жүзүнө арбалышкан кабыл алуу комиссиясындагылар, 1955-жылдын жай айларында ВГИКтин режиссура боюнча бөлүмүнө тапшырып аткан жаш кызга карап:

– Ойлонуп көрчү, балким актёрдук кесип боюнча билим алаарсың!? Көптөгөн картиналарда роль жараткан белгилүү актриса болуп чыга келээриңде калет жок! – дешет.

Бирок, жан дүйнөсүнө батпай кыйнаган кыялы бар кыз көшөрүп атып:

– Жок, режиссура боюнча адистикке ээ болом. Фильмдерди жаратам! – деди.

* * *

41 жашка дейре ал талбай изденип, артында өлбөс-өчпөс алты картина калтырып кетти. Өмүрү кыска болбогондо, дагы канчалаган эмгектерди жаратаар эле. 41 жашта кыйылган өмүр. 41 жашка дейре анын ысымы кыйлага угулуп калган. Кээде эски дарты козголгондо, төшөк тартып жатып:

– Бул картинамды мындай кылып тартуум керек. Бул жерин кайра оңдоого туура келет!? – деп, кагаз-калемин колуна алып чиймелеп, анан өмүрлүк жолдошу Элем Климов экөө чогуу талкуулашчу.

***

Элем Климов жана Лариса Шепитько...

Чыгармачылык деген Улуу дүйнөдө көздөгөн максаттары бир, көкүрөгү аруулукка жык толгон, бири-бирин толуктаган жубайлар. Турмуш деген турмуш, алгач жаңыдан таанышып, кийин бир аз жылдар өткөн соң ашыглык отуна мас болгон экөө түтүн булаткан жылдардан көп өтпөй бу куурагыр көртирлик, майда-барат көйгөйлөр кай бирде казан-аякты калдыраткан сааттарга кептеп коёрун режиссёр Элем Климов өзү да маркум Лариса жөнүндөгү эскерүүсүндө учкай кеп козгоп өтөт. Бирок, бири-бирине карата ыйык сезимдери өтө күчтүү болгон экен, ошондой эки чыгармачыл Улуу дүйнөлөрдүн энергиялары чагылышып атып чарт дей түшкөндө да биринин чыгармачылыгын бири сыйлап, тээ түпкүрдө баары бир бирибирисиз жашай албай тургандыктарын моюндарына алышкандай, үн катпай олтуруп калышчу тура. Андайда эркекмин деген Элем ошол кездеги советтик системада жогору жактагы кай бир көкүрөгү көңдөй жетекчилердин айынан бир мыкты картинасын жаратпай текчеге коюп бут тоскону да эбепке-себеп болуп, ичиндеги ачуусун арак менен басам деп сыртка чуркап чыккан саатта-рын моюнга ала өкүнүч менен эскерет.

Ушундай Улуу дүйнөсү бар чебер сүрөткер менен бирге жашап атканын Элем деле пенделик кылып эмнегедир ошол мүнөттөрдө толук баамдай албагандыр, а балким өзү да бир канча фильмдери менен калк сүйүүсүнө ээ боло баштагандыктан, чыгармачылыкты көтөрүп жүргөн жүрөктөр бир бөлмөгө сыйбай калгандыр!? Ким билет, айтор, эмнеси болсо да экөө тең өзүлөрүнүн артынан келечек муун үчүн куну алтынга теңдешкис баалуу таберик дүйнөлөрдү жаратып үлгүрө алышты. Алтургай, Ларисасынан айрылып карайлап калган чакта күйүткө баткан Элем өз алдынча терең ойго баткандыр да, анан эми мага аялдардан кимиси Ларисадай жар болуп бермек эле деп чечим чыгаргандыр!? Ошонүчүн Ларисадан кийин өзү да акырет сапар алгыча курбу-курдаштары төшөк жаңырт деген кепке маани бербей, ак сүйүүмөн калган белек деп жалгыз уулу Антонду медер тутуп, 2003-жылдын 26-октябрында 70 жаш курагында бу өмүр менен кош айтышып, а дүйнөдөгү ашыгына шашыла жөнөп кетти...

***

Курбу-курдаштарынын жана өмүрлүк жолдошу, режиссёр Элем Климодун айтуусуна караганда, Ларисада табият тартуу кылган өзгөчө сыйкырдуу күч болгон. Ал, бу жарыкчылыктан эрте өтөөрүн да билген. Каза болооруна бир нече ай калганда жакын курбуларынын бири менен Болгарияга барып, чиркөөгө кирип калышат. Чиркөөдө туруп, алда неден кабатыр болгон кейипте Лариса курбусуна карап:

– Эгер менин көзүм өтүп кете турган болсо, 6 жашар уулум Антонго көз сала жүр, макулбу!? – дейт.

***

Кайсы бир ирет Элем менен Лариса экөө Чехославакияга барып, тарыхый сепилдердин биринин ичин аралап калышат. Экскурсоводдун коштоосунда баратып саамдан кийин Лариса Элемдин колун бекем кармай калат да, таңыркаган түрдө:

– Коё турсаң, Элем! Мен бул жерде өзүмдү мурда болгондой сезип атам. Мына бул жакта үстөл турчу. Ошол үстөл үстүндө олтуруп алып, адамдар кумар оюндарын ойношчу, – дейт.

Экскурсовод басып келип жашыл матаны тартып алып:

– Мына, бул жерде өткөн кылымда адамдар карта ойношчу! – дейт. Мындай табышмактуу окуяга Элем да селейе түшөт. Аркы бөлмөгө кирип алып, дагы бир таң калычтуу жагдайга бет келишет. Дубал боорунда Ларисанын сүрөтү илинүү турган болот. Чынында эле ошол сүрөттөгү аял менен Ларисанын жүзү жүз пайыз куюп койгондой окшош эле.

Экскурсовод:

– Бул аял өткөн кылымда ушул чептин ичинде жашаптыр! – дейт.

Кийин Лариса бул жашоо менен кош айтышкан соң ошол сепил ичиндеги портреттин көчүрмөсүн Элем сатып алып, үйүнө илдирткен.

***

1976-жылы Лариса толук метраждуу "Бийиктик" ("Восхождение") фильми менен болуп көрбөгөндөй ийгиликти жаратып, эл аралык фестивалдарда алкоого алынды. Канадада өткөн фестивалда ошол тасмасы көрүүчүлөрдүн назарына коюлат. Советтик жаш режиссёрдун чыгармачылык жигерине, бай фантазиясына жана сулуулугуна тамашанган канадалык белгилүү актёр Дональд Сазерленд басып келип, тизе бүгүп чөгөлөй калат да:

– Кечиресиз, мен мындай кудурети бийик эмгекке эмне дээримди да билбей турам?! Менин колумда сизге берейин десем, гүл да жок. Жок дегенде... ушуну макул көрсөңүз, белек катары алып койсоңуз!? – дейт, толкундануусун жашыра албай, колундагы кымбат баалуу саатын чечип. Ошол саатты байгелүү кайткан Лариса Элемдин колуна тагат.

***

1979-жылдын 2-июлу...

Таңга жуук жаман түштөн чоочуп ойгонгон Элем жубайы таккан кол саатты алып, убакыт канча болду экен деп карайт. Так ошол тушта жазуучу Валентин Распутиндин чыгармасы боюнча "Коштошуу" аттуу картинаны экрандаштырам деп Калинин облусунда жүргөн Лариса жана чыгармачыл топтогу беш адам, фильмге ылайык жер тандоо үчүн «Волга» унаасы менен катуу ылдамдыкта баратышкан. Капилеттен уйкуга алдырган айдоочу рулду башкара албай каршы тилкеге чыгып кетип, бет маңдайдан чыга калган жүк ташуучу «ЗИЛ» унаасынын чиркегичинин алдына кирип кетти. Арман күн, кырсыктан 6 адамдын өмүрү кыйылды да, калды. Кабыргасы кайышкан Элем туптуура бир жумадан кийин Лариса тартып жетише албай калган "Коштошууну" улантуу үчүн анын жаркын элесине багыштап, күйүткө күйүп кино аянтында турду...

***

Кыскасы, Лариса Шепитько жана Элем Климов деген чыгармачыл жубайлардын армандуу тагдыры, мына ушундай. Мындан жыйырма жылдай илгери Москванын "Искусство" басмасынан 1987-жылы жарык көргөн Элем Климовдун «Лариса» аттуу китеби колума тийип калды эле. Китепти окуп алып Ларисанын да, Элемдин да чыгармачылык дараметтерине зор баа бергем.

– Маңыздуу өмүр! – деп, ичимен толгонгом.

Айтор, чыгармачылык деген ааламда ушундай улуу инсандар жашап өтүп, артында акыйкатты, табиятты, сүйүүнү даңазалаган мурастарды калтырып кетишкенине каниет.

**Данияр ИСАНОВ**



Жолдошу Элем Климов менен



Сыйлыкка ээ болгон "Бийиктик" фильминен кадр

# Китепкөй



Бу жылуу жүздүү жигит менен китепканадан капилет таанышып калдык. Аты-жөнү Карабаев Бектурсун, Ноокаттын Баргы айылынан экен. Кесиби юрист. Окуганы, ынтызары, жашоо кумары мага окшоп китеп, ошол кагылайын жандүйнө шериги болгон көркөм адабиятты Кожожаш мерген кийик кубалагандай "Саргара жортуп..." окуйт экен. Айрыкча экөөбүздүн таанышуу аңгеме дүкөнүбүздүн өңүтү улуу Чыңгыз агабыздын "Кылым карытаар бир күн" романына келгенде окурмандык табитибиздин, аңдап-билүү, таануу, баалап-барктоо деңгээлибиздин шайкештиги, үндөштүгү, тилектештиги бап келгенден баарлашуу чырайына чыкты бейм...

Баса, Ноокат дегенде ири алды ажайып сүрөткер Мурза Гапаров эске келип, жылдызы жанган келбети менен алдыдан утурлай келаткансыйт. Мурзаке, Мурзаке... Канча ирээт кездештик, сүйлөштүк. Өзү да жазгандарынан да көркөм, кыялкеч, майин сүйлөчү. Оозеки сөздүн ашкере зергер-чебери эле.

Аныгында, Бектур үкөм да ошол жердеш авасындай туюлду мага. Китепкөй болуш, окурман болуш оңой бекен... Кайсы бир акылмандын "Жазгандан окуган кыйын" дегени бар. Ооба да, жазуучу ой-кыялындагысын дараметине жараша эркин жазып кете берет. А анын чыгармасына окурман "Баш оорутуп", ташпишке түшөт, жан-дүйнөсүнө уютуп, кайрадан эстутумда жууруп, башкаларга сунат, бөлүшөт.

Ошентип, китепкөй мырза менен китепканаларда жана борбордогу жапжалгыз кыргыз китеп дүкөн "Нускада" кайра-кайра жолугуп, китеп дос болуп кеттик. "Атам үйгө китеп, газета, журналдарды тынбай ташып келе берчү. Баш көтөрбөй окучу, анан атама бара-бара мен да кошулдум, кийин талашып окуй турган болдук..." деп, эскерет Бектур. Жакында эле орус адабиятынын алптарынан Иван Тургеневди кайрадан окуп чыгыптыр. Бул жагы да дал келгенин караң... Мен да атактуу жазуучунун "Стихи в прозе" жаатындагы чыгармаларына шыктанып, кара сөздөгү ыр шиңгилдерин жарыялап жүрөм го.

Бектурдун дагы бир азаматтыгы- ошол окурман-китепкөйлүк өнөрүн береги телефон чукулап калган мекендештерине ооштурсам, жердештерим, айрыкча жаштар касиеттүү китеп дүйнөсүнө, таасирине, тарбиясына аралашса, арбалса, адатка айлантса деп, тилейт, болжойт. Мына ушул багытта эң сонун заманбап долбоору да даяр. Буйруса астейдил максаттарынын ишке ашаар мерчеми да жууктап калгандай... Тек гана буларды ал али купуя сактап, качан гана четинен ишке аша баштаганда эл-журт өзү көрсө, баа берсе, колдосо деген изги ойдо сырын бөлүштү.

Бар бол Бектур мырза, китеп бул- тил,сөз,-сюжет, маани-маңыз, тарбия-таалим эмеспи. Демек, идеяң түптүз, ылайым долбооруң ишке ашып, оомат берсин, колуңдан китебиң түшпөсүн, дейли.

**Кудайменде ОСМОНОВ**

ТҮРКСОЙдун Башкы катчысы
Султан Раевдин
атасы
Аким аксакалдын дүйнөдөн өткөнүнө байланыштуу көңүл айтабыз. Кайрат кылыңыз, Султан Акимович!

**КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты комиссиясы менен "Кыргыз тили" газетасынын жамааты**



№8 (282)
31
08
2022
kyrgyztili@mail.ru





A.C. Пушкин.

# Кышкы кеч

*Мунарыктап борошо уруп,*
*Кар тозоңун уйпалайт.*
*Бирде жырткыч айбанча улуп ,*
*Жаш балача кээде ыйлайт,*
*Бирде тамдын үстүн жапкан*
*Саманды эски чачкылайт.*
*Жолоочудай түндө калган*
*Бирде эшикти каккылайт.*
*Же биздин үй болсочу тың,*
*Эски, нары көңүлсүз.*
*Эмне, энеке, туруп калдың*
*Терезеде болуп сүз?*
*Же бороондун улуганы*
*Эзип, көңүл танабы?*
*Же ийиктин чуркаганы*
*Уктаткансып барабы?*
*Өткөн байкуш балалыкты*
*Сен өстүрдүң, энеке.*
*Айдап желге кусалыкты*
*Ичели, чының канаке?*
*Ырдап берчи обон сала*
*Кучкач уя салганын.*
*Бакан алып жаш кыз бала*
*Сууга эртелеп барганын.*
*Мунарыктап борошо уруп*
*Кар тозуңун уйпалайт.*
*Бирде жырткыч айбанча улуп,*
*Жаш балача кээде ыйлайт.*
*Өткөн байкуш балалыкты*
*Сен өстүрдүң, энеке,*
*Айдап желге кусалыкты*
*Ичели, чының канаке?*

**Которгон Узакбай АБДУКАИМОВ**



М.Ю. ЛЕРМОНТОВ

***

*Чыгамын жалгыз... Жылтырап*
*Туманга чөгөт жол учу.*
*Түн жыңсыз. Куу чөп тумчугат:*
*Угулат жылдыз шобурту.*

*Асманда сайран... Көгүш түн*
*Асырап уктап жатат жер.*
*О турмуш сенден не күттүм?!*
*О неге болдум азапкер?!*
*Күтпөгөм. Күтпөйм эч нерсе,*
*Өткөндөр өтсүн кайрылбай,*
*Башты азат кылган кечтерге*
*Басылып уктап калгым бар!*
*Калбаса, бирок түбөлүк,*
*Кай кеткеним билинбей.*
*Толкуса тыптынч жүрөгүм,*
*Жаңырса жашоо дилимде.*
*Сүйүүнүн жайкын авазы,*
*Аңкытып турса жанымды.*
*Шооладай шоокум таратып,*
*Шуулдап турса калың дуб.*

**Которгон Алым ТОКТОМУШЕВ**



Рабиндранат ТАГОР

***

*Бир жароокер, кездеринде мен билген*
*Турар эле ушул чакан айылда.*
*Жалгыз аяк жол барчу көл жээгине*
*Көпүрөгө, пристаньдын жанына.*
*Эзелтеден кармай келген салтынан*
*Эч жаңылбай, эл оокатын кылчу эле,*
*Туман басып, дароо тарап, артынан*
*Туу белдерден шамал согуп турчу эле.*
*Ал шамалга удаалаш үн салышып,*
*Ийилгенче ийчү бактар баштарын.*
*Жаандуу күнү жаш күрүчтүн шалысы*
*Жапырт сулап жатчу баткак жазданып.*
*Кумра-кумган толтурушуп, буралып,*
*Келчү кыздар көл башынан суу алып.*
*Чер токойдон адаштырбай ал мени*
*Алпарчу түз храмына Шиванын.*
*Кайчы өтүшүп кандайдыр бир себептүү,*
*Балким, анда биз кездешпей калганда,*
*Келмек түгүл, бул ат-жытсыз элетти*
*Билбейт элем бар деп ушул жалганда.*
*Көрбөйт элем, күүгүмдө да, жарыкта*
*Көлдү да бул, көк менен түс алышкан.*
*Өйдө сүзүп, төмөн калкып талыкпай,*
*Ал ойночу сууда кудум балыктай.*
*Там-ташы анын четинде эле айылдын.*
*Так ушул күн чыгар эле чыгыштан.*
*Өтөр эле ал-жай сурап, кайрылып*
*Тарагандар талаачылык жумуштан.*
*Баары ошондой, кандай болсо: булуңдар,*
*Жар, кыялар, биз калтырбай кыдырган.*
*Жай сүйлөшкөн бир топ киши көл жээкте.*
*Жаңылык жок бир да көзгө урунган.*
*Калкылдаган жел кайыгы бетинде,*
*Көл баягы, көз талыткан аягы.*
*Күн кажытып, толкун шайын кетирген*
*Көпүрө да пристань да баягы.*

**Которгон Сагын АКМАТБЕКОВА**



Константин ВАНШЕНКИН

# “Киринип жаткан сулууга”

*Чечинди четке кыз барып,*
*Көрбөйт го деген болжолдо.*
*Уялып жаны кысталып,*
*Энеден туума болгонго.*
*Каныккан картмак аялдай,*
*Баспастан кенен чалкалап.*
*Баратат бекип даай албай,*
*Кол менен белин калкалап.*
*Араак өтсө эл чеги,*
*Бирөө көрүп койсо уят.*

*Ак төшүндө алмасы,*
*Тырсыят да тырсыят.*
*Суу жеткенде тизеге,*
*Сулк жыгылды түз эле.*
*Сууну шапшып аягы,*
*Сүздү сулуу баягы.*
*Ыңкып турат түз талаа,*
*Шыбыш какпай жалбырак.*
*Кең табият суз гана,*
*Кызды тиктейт жалдырап.*

**Которгон Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ**



kyrgyztili@mail.ru

**Кыргыз тили**
*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Башкы редактор:** Дүйшөн КЕРИМОВ
**Жооптуу катчы:** Назира ТЫНЫСТАНОВА
0(700) 094974

КР Адилет министрлигинде катоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары, Бөкөнбаев көчөсү, 182
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 24
**Буюртма:**70092
**Нускасы:**3048